# АУДИОКИТЕПТЕРДИ БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ КОЛДОНУУ БОЮНЧА УСУЛДУК КОЛДОНМО

БИШКЕК-2024

УДК 372.3/.4
ББК 74.202.6
А93

**Түзүүчүлөр:** Абдышова З.А., Карабаева Н.Д.

А93 Аудиокитептерди башталгыч мектепте колдонуу боюнча усулдук колдонмо/Түз Абдышова З.А., Карабаева Н.Д. . – Б.: 2024. – 84 с.

ISBN 978-9967-9562-1-6

Аудиокитептерди колдонуу боюнча усулдук колдонмо башталгыч класстардын мугалимдерине жана китепканачыларга арналган. Бул колдонмо адабий окуу, мен жана дүйнө сабактарында жана класстан тышкаркы иш-чараларда аудиокитептерди колдонуу процессинде мугалимдерге жана китепканачыларга усулдук колдоо көрсөтүүгө багытталган. Колдонмо мугалимдерге аудиокитептер менен иштөөдө окуу ыкмаларын жана стратегияларын колдонуу боюнча айрым сунуштарды жана тиркемелерди камтыйт.

Бул колдонмо АКШнын айыл чарба департаменти (USDA) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен Мерсико (Mercy Corps) жана Рисерч Траэнгл Институт (Research Triangle Institute, RTI) уюмдары тарабынан ишке ашырылып жаткан МакГоверн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» программасынын алкагында басылып чыкты. Колдонмонун мазмуну USDAдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

ISBN 978-9967-9562-1-6
УДК 372.3/.4
ББК 74.202.6

# Мазмуну

№ 1 аудиокитеп. Чырылдак ыры ..... 6

№2 аудиокитеп. Мутту жана чоң жер жаңгак ..... 11

№3 аудиокитеп. Кичинекей же чонбу? ..... 17

№4 аудиокитеп. Мышык жана ит футбол ойношот ..... 22

№5 аудиокитеп. Кескелдириктин өзгөчө териси ..... 27

№6 аудиокитеп. Лара, сары эл кайда көчөт ..... 32

№7 аудио китеп. Биринчи марафон ..... 36

№8 аудио китеп. Менин жаңы түсүм ..... 41

№9 аудиокитеп. Сенин үй-бүлөң кандай? ..... 46

№10 аудиокитеп. Музыканын ыргагында бийлөө ..... 52

№11 аудиокитеп. Жаңы бала ..... 57

№12. аудио китеп. Көрүнбөс кыз ..... 63

№12 аудиокитеп. Түстүү билдирүүлөр ..... 68

№14 аудиокитеп. Менин мыкты досум ..... 74

№15 аудиокитеп. Манжалардын учундагы алиппе ..... 79

Колдонулган адабияттар ..... 84

**Урматтуу кесиптештер,**

Сиздин алдыңызда башталгыч мектепте окуу сабактарында аудиокитептерди колдонуу боюнча сценарийлерди камтыган методикалык колдонмо. Аудиокитептер ушул колдонмонун аягындагы атайын конвертке салынган USB флеш-картасына жазылган.

Аудиокитеп – үн (аудио) аркылуу жаздырылган адабий чыгарма. Бул аудиокитептерде бир нече авторлордун эмгектери камтылган жана музыкалар *(жамгырдын үнү, деңиздин үнү, чымчыктын үнү, курт-кумурскалардын ызы-чуусу ж.б.)* менен коштолуп жазылган.

Колдонмо башталгыч класстын мугалимдерине "Адабий окуу", "Мен жана дүйнө" жана класстан тышкаркы окуу предметтеринде колдоно турган **15 аудиокитепке методикалык көрсөтмөлөр менен сценарий иштеп чыкты**. Бул сценарийлер башталгыч класстын билим берүү стандартындагы күтүлүүчү натыйжаларга багытталып, визуалдык-образдуу жана ассоциативдик ой жүгүртүү, каармандардын образдарын жана аракеттерин талдоо, чыгармалардын окуяларын эстеп калуу жана ырааттуу, деталдуу айтып берүү, иллюстрациялар, ачкыч сөздөр, тексттин аталыштары аркылуу тексттин мазмунун божомолдоо, сөз байлыгын өстүрүү, мазмунга ылайык түрдүү типтеги суроолорду түзүү, текст түзүү ж.б. көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн интерактивдүү тапшырмаларды камтыйт.

**Ар бир сценарий төмөнкүдөй 3 этап менен иштелип чыкты.**

**Угууга чейинки этапта:**

- окуучулардын билимдерин жана тема боюнча кебин активдештирүү,
- сабакка болгон кызыгуусун арттыруу,
- текстти укууга чейинки лексикалык кыйынчылыктарын жоюу,
- сөз байлыгын өстүрүү (жаңы сөздөр менен тааныштыруу),
- тексттин аталышына, темага, иллюстрацияларга, ачкыч сөздөргө карап тексттин мазмунун божомолдоо көндүмдөрүн калыптандыруу ж.б.

**Угуу учурундагы этапта:**

- окуя каерде болуп жатканын аныктоо;
- сүйлөмдөрдү толуктоо;
- түшүнүксүз болгон сөздөрдү белгилөө;
- угууга чейинки божомолдорду тастыктоо же четке кагуу;
- фактылык маалыматтарды табуу ж.б.

**Угуудан кийинки этапта** текстти угуп бүкөндөн кийинки түшүнүктөрүн текшерүү жана бекемдөө үчүн:

- суроолорго жооп берүү;
- эпизодду сөрөттөп берүү;
- каармандарды мүнөздөө;
- чыгарманын мазмунуна ылайык түрдүү типтеги суроолорду түзүү;
- Окуянын башталышы, өнүгүшү, аякталышын аныктоо (чыгарманын картасы, окуянын картасы ж.б.)
- Окуядагы көйгөйлөрдү аныктоо жана чечүү жолдорун сунуштоо;
- Айтылган ойго макул\макул эместигин билдирүү;

- Чыгарманын негизги оюн табуу;
- Ырастоолорго болгон пикирлерин билдирүү ж.б. максаттардагы тапшырмалар сунушталды.

**Бул сценарий төмөнкүдөй түзүлүштө берилди.**

| | |
|---|---|
| **Китептин аталышы:** | |
| **Китептин автору:** | |
| **Которгон:** | |
| **Деңгээли: (класстар боюнча):** | |
| **Предметтер:** | |
| **Окутуунун күтүлгүүчү натыйжалары:** | |
| **Стратегиялар/техникалар:** | |
| **Керектүү ресурстар:** | |
| **Окутууну уюштуруу формасы:** | |
| **Аткаруунун кадамдары:**<br>**1-этап. Угууга чейинки тапшырмалар.**<br>**2-этап. Угуу учурундагы тапшырмалар.**<br>**3-этап.Угуудан кийинки тапшырмалар.** | |
| **Электрондук китепканадагы китепке шилтеме.** | |

Колдонмодо мугалимдер үчүн кээ бир көрсөтмөлөр жана тиркемелер сунушталды.

Урматтуу кесиптеш! Бул сабактарды ийгиликтүү өткөрүү үчүн, алгач сценарий менен толук таанышыңыз, бардык материалдар жана ресурстарды алдын ала даярдап алыңыз.

Сабактын башында окуучуларга сабактын максаттары жана күтүлгүүчү натыйжалары менен тааныштырыңыз. Окуучулар менен биргеликте күтүлгүүчү натыйжаларды кошумчалаңыз. Анткени окуучу сабакта эмне кыларын, кандай көндүмдөргө ээ болорун түшүнүүгө жардам берет жана сабакка активдүү катышууга үндөйт.

Сабак учурунда суроо бериңиз, жооп берүүгө 10 секунддан көбүрөөк убакыт бериңиз *(өзүңүз жообун айта коюудан алыс болуңуз)*, талкууга түрткү бериңиз, алардын пикирлерин жана идеяларын эске алыңыз. Сценарийде берилген тапшырмалардын ыраатын бузбай аткарууга аракеттениңиз.

Сабактын аягында алар угуп жаткан тексттин мазмуну менен өздөрүнүн тажрыйбалары же реалдуу турмуштук жагдайлар ортосундагы байланышты түзүүгө жардам бериңиз.

Ар бир окуучуга (топко, жуптарга) колдоо көрсөтүп, кайтарым байланыш менен камсыз кылыңыз. Алардын күчтүү жактарын белгилеп, жакшырта турган жерлерине колдоо көрсөтүп, тачныч берип, түшүнүүгө жардам бериңиз.

## № 1 аудиокитеп. Чырылдак ыры

| Иштин мазмуну\тапшырмалар | Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Чырылдак ыры**<br>**Автору:** Хомсанх Чанталангсоне<br>**Которгон:** Назира Сартбаева<br>**Сүрөтчү:** Вонгсаван Дамлонгсук<br>**Класс:** 1-класс, деңгээли: 1.3 |
| **Сабак:** | Алиппе, класстан тышкары окуу, мен жана дүйнө |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | **Окуучулар:**<br>– божомолдоочу суроолорго жооп беришет;<br>– чабакчыл чымчык, ала канат чыйырчык, чырылдак чымчыктарды бири-биринен айрымалашат;<br>– «Чырылдак ыры» чыгармасын угуп, сүйлөмдөрдү толукташат;<br>– Чыгарманын мазмунуна ылайык ырастоолордун туура\туура эместигин аныктап, аргументтер менен айтып беришет. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | ■ «Божомолдоочу суроолор»;<br>■ «Сүйлөмдөрдү толуктоо»;<br>■ «Ырастоолор». |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | жуптарда, жалпы класс менен иштөө |
| **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** | |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:** | **1-КАДАМ.** Окуучуларын билимдерин активдештирүү жана божомолдоо көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн китепти көрсөтүп, төмөнкү суроолор менен кайрылыңыз.<br>– Китептин аталышы кандай?<br>– Китептин автору ким?<br>– “Чырылдак ыры” деген чыгармада эмне жөнүндө сөз болушу мүмкүн?<br>– Чымчыктар кандай ырларды ырдайт деп ойлойсуңар ?<br>– Ким чымчыктардын ырдаганын уккан? Алар кантип ырдашат?<br><br>**2-КАДАМ.** Мугалим ***доскага чырылдак, чабакчыл, ала канат чыйырчык, кара чегирткенин*** сүрөтүн илип, сүрөттөгү жаныбарлардын аттарын ар кайсы жерге аралаштырып, муундарга бөлүп жазып коет. Окуучулар доскада илинген сүрөттөрдү сөздөрдүн маанилери менен дал келтирип туташтырышат. Жекече иштешет. |

<table>
<tr><th colspan="2">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</th></tr>
<tr><td></td><td>3-КАДАМ. Окуучулар “Чырылдак ыры” чыгармасын угушат (1-тиркеме). Мугалим аудио китепти угузуу үчүн калонка, телефон ж.б. кандай техникалык каражаттар керек. Ал класска толук жеткиликтүү үн бере ала тургандыгын текшерип, алдын ала даярдап коюуңуз зарыл.<br><br>4-КАДАМ. Окуучулар төмөнкү сүйлөмдөрдү толукташат. Мугалим сүйлөмдөрдү баракчаларга жазып, ар бир окуучуга бирден таркатат же доскага жазып койсо да болот. Окуучулар биринчи жекече иштешет. Андан кийин жупта талкуулашат.<br>1. Кичинекей Чырылдак __________ жактырчу.<br>2. Бир күнү ал _________ үйрөнгүсү келди!<br>3. – Ду-у-у! Ду-у-у! – деп ырдайт _____.<br>4. Кичинекей Чырылдак Чабакчыл чымчыктын ырын __________.<br>5. Андан кийин _________ чыйырчыкка барды<br>6. Бардык жаныбарлар _________ ырдашты.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td rowspan="2"></td><td>5-КАДАМ. “Ырастоолорду ырастагыла” көнүгүүсүн жекече, жупта талкуулап, жалпы класска жарыялашат. (3-тиркеме)<br>Мугалим окуучуларга бирден ырастоо окуп, туура\туура эместигин төмөнкү кептик конструкция менен айтып берүүсүн өтүнүңүз. Кептик конструкцияны доскага окуй ала тургандай жазып коюңуз. Окуучулар кептик конструкция менен ырааттуу так айтып жатканын көзөмөлдөп туруңуз.</td></tr>
<tr><td>Кептик конструкция<br>Бул ырастоо туура\туура эмес, анткени Чырылдак ыры чыгармасында _______________ ой айтылган\маалымат берилген.</td></tr>
<tr><th colspan="2">Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү</th></tr>
<tr><td>“Муштум жана манжалар” техникасы[1]</td><td>6-КАДАМ. Мугалим чыгарманы түшүнүү деңгээлин манжалардын жардамы менен көрсөтүүнү сунуштайт.<br>■ Окуучу 1 манжасын көрсөтсө, теманын түшүнбөгөнүн, кошумча маалымат же жардамга муктаж экендигин билдирет.<br>■ Эгерде окуучу жакшы түшүнгөн болсо, 3-4 манжасын көрсөтөт.<br>■ Толук өздөштүрүп,түшүнгөн болсо беш манжасын муштумга түйүп көрсөтөт.</td></tr>
</table>

1 USAUD Келгиле, окуйбуз! Долбоору тарабынан түзүлгөн 6-10-модулдардын колдонмосунун алынды.

| | |
|---|---|
| | **Эскертүү:** Мугалим "1 манжасын", "3"-4 манжасын", "Муштумун түйгөн" окуучуларга "Эмнени түшүндүң?", "Кандай суроо пайда болду?", "Түшүнгөнүңдү айтып берчи?" деген суроолор менен кайрылуусу керек.<br>Бул ыкманын жардамы менен мугалим окуучулардын материалды кандай өздөштүргөнүн билип алса болот. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**Чырылдак ыры**

Кичинекей Чырылдак ырдаганды жактырчу. Бирок ал дайыма бир эле ырды ырдачу. Бир күнү ал жаңы ыр үйрөнгүсү келди!

Ошондуктан ал Чабакчыл чымчыкка анын ырын үйрөнөйүн деп барат.

– Ду-у-у! Ду-у-у! – деп ырдайт Чабакчыл. Кичинекей Чырылдак анын ырын ырдай албайт. Андан кийин Ала канат чыйырчыкка барды. Балким, Ала канат чыйырчыктын ырын ырдаганды үйрөнүп алат.

– Кик! Каек! Кай-ек! – деп ырдайт Ала канат чыйырчык. Бирок Чырылдак Ала канат чыйырчыктын ырын ырдай албай койду. Андан кийин ал Кара чегирткеге барды. Чырылдак жаңы ырды үйрөнүүгө ашыкты!

– Чырс-с-чырс-с, чырс-с -чыс-с! Чырс-с-чырс-с, чырс-с чырс-с! – деп, ырдайт Кара чегиртке. Бирок Чырылдак Кара чегирткенин ырын ырдай албай койду. Анан жамгыр жаады.

– Карк! Карк-Карк! Карк! – деп Өрдөктөр ырдап жатышты.

– Бак-бак! Бак-бак! Балдар! Бака чыгып, чардап калды. Бардык жаныбарлар чыгышты. Алардын баары өз ырын ырдашты.

– Ду-у-у! Ду-у-у! – Кик! Каек! Как-к! – Чыр-р-чыр-р! Чыр-р-чыр-р! – Чырс-с-чырс-с! Чырс-с-чырс-с! – Карк! Карк-Карк! Карк! – Бак-бак! Бак-бак! Бак-бак!

Чырылдак бардык ырды тыңшады. Бирок биринин дагы ыры аныкындай угулган жок. Ошентип, ал ырдап кирди. – Чыр-чыр-чыр! Чыр-чыр-чыр!

***2-ТИРКЕМЕ***

**СҮЙЛӨМДӨРДҮ ТОЛУКТАГЫЛА**

**А)** Текстти 1-жолу уккандан кийин төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктап жазышат. Мугалим сүйлөмдөрдү баракчаларга жазып, ар бир окуучуга бирден таркатат же доскага жазып койсо да болот. Окуучулар биринчи жекече иштешет. Андан кийин жупта талкуулашат.

1. Кичинекей Чырылдак ***ырдаганды*** жактырчу.
2. Бир күнү ал ***жаңы ыр*** үйрөнгүсү келди!
3. – Ду-у-у! Ду-у-у! – деп ырдайт ***Чабакчыл чымчык***
4. Кичинекей Чырылдак Чабакчыл чымчыктын ырын ***ырдай албайт***.
5. Андан кийин ***Ала канат*** чыйырчыкка барды
6. Бардык жаныбарлар ***өз ырын*** ырдашты.

***3-ТИРКЕМЕ***

**"ЫРАСТООЛОРДУ ЫРАСТАГЫЛА"**

**Көнүгүүсүнүн максаты:** окуучулардын окуп\угуп түшүнүүсүн текшерүү, аргументтештирип айтып берүү, жыйынтык чыгаруу көндүмдөрүн жакшыртат.

**1-кадам.** Мугалим окуучуларга бирден ырастоо окуп, туура\туура эместигин төмөнкү кептик конструкция менен айтып берүүсүн өтүнөт. Окуучулардын кептик конструкция менен ырааттуу так айып жатканын көзөмөлдөп турат.

| **КЕПТИК КОНСТРУКЦИЯ** |
|---|
| Бул ырастоо **туура\туура эмес,** анткени Чырылдак ыры чыгармасында _______________ ой айтылган\маалымат берилген. |

| **ЫРАСТООЛОР** | **ТУУРА\ ТУУРА ЭМЕС**<br>**Болжолдуу окуучулардын жооптору ушундай аргументтер менен берилиши керек.** |
|---|---|
| 1. Кичинекей Чырылдак чабакчыл чымчыктын ырын үйрөнүп алды. | Бул ырастоо **туура эмес,** анткени чыгармада Чырылдак чабакчыл чымчыктын ырын ырдай албай койгондугу айтылган. |
| 2. Чырылдак эч кимдин ырын үйрөнө албайт. | **Ооба,** бул ырастоо **туура,** анткени Чырылдак бир да жаныбардын ырын ырдай албай коет. |
| 3. Кара чегирткенин да өзүнүн ыры бар экен. | **Ооба,** бул ырастоо туура, башка жаныбарлардай эле кара чегирткенин да өз ыры бар экендиги айтылган. |
| 4. Чыгармадагы башкы каарман Чырылдак чымчык. | **Ооба, чындыгында,** чыгармадагы башкы каарман Чырылдак чымчык. |
| 5. Окуя ала канат чыйырчыктын ырдаган ыры тууралуу болду | **Жок, бул ырастоо туура эмес,** анткени чыгармада Ала канат чыйырчыктын эмес, чырылдак чымчыктын ырды жактыргандыгы тууралуу айтылган. |
| 6. Бул чыгарма аркылуу автор ар кимдин өзүнчө өзгөчөлүгү бар экендигин айткан. | **Ооба, туура,** бул чыгармада автор ар кимдин өзүнө тиешелүү өзгөчөлүгү бар экендигин айткан. |
| 7. Бардык жаныбарлардын окшоштугу алардын баары өз тилинде ырдашат. | **Ооба,** бардык жаныбарлар өз тилинде сүйлөшөт, ырдашат. |

**Эскертүү:** Мындай ырастоолорду даярдоодо тексттеги даяр сүйлөмдөрдү берип коюу туура эмес. Алгач тексттин сюжетин түшүнгөнүн текшерүү максатында 1-2 ырастоо *(кээде туура ырастоо, кээде бир аз бурмулап)* берүү керек. Андан кийин чыгарманын башкы каарманы, окуянын башталышы, аягы, автордун берейин деген оюу ж.б. чыгарманы адабий талдоого ала турган ырастоолор берилүүсү зарыл.

# №2 аудиокитеп. Мутту жана чоң жер жаңгак

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Мутту жана чоң жер жаңгак**<br>**Автору:** Хамси Марлон<br>**Которгон:** Айгуль Джунушалиева<br>**Класс:** 1-класс, деңгээли: 1.3 |
| **Сабак:** | Алиппе, класстан тышкары окуу, мен жана дүйнө |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | **Окуучулар:**<br>– чыгарманын мазмунуна тиешелүү ачык\жабык суроолорго жооп беришет;<br>– окуялардын ырааттуулугун (биринчи окуя, экинчи окуя ... акыркы окуя ж.б.) топто талкуулап, айтып беришет;<br>– Муттунун достору кандай экендигин баалап, ага ыраазычылык билдиришет. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | «Тыным менен окуу», «Сандык катар», |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Топто иштөө, жалпы класс менен талкуу |
| | **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:** | **1-КАДАМ**. Окуучуларды чыгарманы угууга болгон кызыгуусун артыруу жана билгендерин активдештирүү. Окуучуларга аудиокитептин башында берилген автору, китептин аталышы тууралуу жерге чейин угузуп, андан кийин аудиокитепти токтотуп коюп, окуучуларга төмөнкү суроолорду бериңиз.<br>■ **Балдар, биз уга турган чыгарманын аты кандай экен?**<br>■ **Бул чыгарманын автору ким?**<br>■ **"Мутту жана чоң жер жаңгак" деген аңгемедеги Мутту ким болушу мүмкүн? Кандай ойлойсуңар?**<br><br>**Эскертүү:** окуучулар суроолорго жооп берүү үчүн убакыт бериңиз. Алар ойлорун айтып баштаганда аягына чейин угуңуз (*өзүңүздөгү ойду окуучуларга таңуулап айта берүү окуучунун ойлоосун токтотот. Ошондуктан окуучу өзү каалаган ойду айтып бүткөнгө чейин толук угуңуз*) |

<table>
<tr><th colspan="2">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</th></tr>
<tr><td></td><td>2-КАДАМ. “Мутту жана чоң жер жаңгак” аудиокитебин тыным менен угузуңуз. Ар бир тынымда токтоп, суроолорду бериңиз. (1-тиркемеде көрсөтүлгөн). “Балдар, чыгарманын угуп жатып, окуянын башында эмне болду, анан кийин кандай окуя болду, үчүнчү, төртүнчү окуя кандай болгондугун байкап угабыз”, - деп көрсөтмө бериңиз.<br><br>Ар бир тынымда мугалим окуучуларга тексттин мазмунун түшүнүүгө багытталган суроолорду берүү менен угузат. Тексттин мазмунун жана маанисин түшүнүү текстти угуу менен биргеликте жүрөт.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Окуучулардын тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td></td><td>3-КАДАМ. Мугалим “Мутту жана жер жаңгак” чыгырмасындагы 5 окуянын сүрөтүн карточкаларга алдын ала даярдап коет. Карточкаларды даярдоо үчүн ушул <u>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet</u> тиркемеге кирип, “Мутту жана жер жаңгак” электрондук китебинен сүрөттөрдү алып, кагазга чыгарып алсаңыз болот.<br><br>4-КАДАМ. Окуучуларды 2-3 топко бөлүштүрүңүз. Ар бир топко 3-4 окуянын сүрөтү бар карточкаларды берип, окуяларды ырааты менен жайгаштыргыла деген тапшырма бериңиз. Окуучуларга окуялар сандык катар сыяктуу солдон оңго карай тизилерин эскертиңиз. (2-тиркеме. “Сандык катар”)<br><br>5-КАДАМ. Доскага сандык катарды жазып коюңуз. Бардык топтор иштеп бүткөндөн кийин 1-топтон 1-2-окуяны айтып, карточканын алып келип доскага илишсин. 2-топ 3-4-окуяны айтып беришсин. Ушундай тартипте улантып аягына чейин чыгарыңыз.</td></tr>
<tr><th colspan="2">Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү</th></tr>
<tr><td>“Ооба же жок карточкалары” техникасы</td><td>6-КАДАМ. Окуучуларга алдын ала даярдалган экиден карточка таратыңыз. Анын биринде “ООБА”, экинчисинде “ЖОК” деп жазылат. Окуучуларга ырастоону айтканда карточкалардын тиешелүүсүн көтөрүүсүн окуучуларга түшүндүрүңүз.<br><br>“ООБА/ЖОК” КАРТОЧКАЛАРЫ<br><br>ООБА<br><br>ЖОК</td></tr>
</table>

| | |
|---|---|
| | **Окуучуларга берилүүчү ырастоолор**<br>1. Чыгармадагы башкы каарман Мутту.<br>2. Мутту – жалкоо.<br>3. Муттунун достору дайыма жардам беришет.<br>4. Мутту досторунун эмгегин баалап, аларга ыраазычылык билдирди.<br><br>**7-КАДАМ.** Окуучуларга 1-ырастоону окуңуз. Окуучулар карточкаларды көтөрүшсүн. Андан кийин 2-ырастоону окуңуз. Ушундай тартипте 5 ырастоону окуп, окуучулар тексттин мазмунун кандай түшүнгөнүн текшерип, байкап алыңыз. |
| **Жыйынтыктоо үчүн суроолор.** | – Балдар, Муттунун достору кандай экен? **(ачык суроо)**<br>– Досторуңар Силерге кантип жардам берет? **(ачык суроо)**<br>– Дайыма жардам берген досторуңарга эмне деп ыраазычылык билдиресинер? **(ачык суроо)** |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**Мутту жана чоң жер жаңгак**

## 1-ТЫНЫМ

Мутту алгачкы жолу тамак издегени бара жатат! Анын байке-эжелери өздөрүнөн элүү эсе оор тамакты оңой эле көтөрө алышат! Мутту алардан шыктанат. Мутту жер жаңгак таап алды. Байкуш Мутту аны көтөрүүгө колунан келишинче аракет кылды. Бирок тура да алган жок. Мутту чалынып, сууга жыгылып түштү. Ал чөгүп кете жаздады. Бирок достору сууга жалбырак-ты ыргытып, аны сактап калышты.

- *Окуя кантип башталды?*
- *Мутту кайда бара жатат?*
- *Мутту жер жаңгакты көтөрө алдыбы?*
- *Достору Муттуну кантип сактап калышты?*
- *Эми Мутту эмне кылат деп ойлойсуңар?*

## 2-ТЫНЫМ

Кургак жерге чыкканда, Мутту башка жолду байкап көрдү. Ал жер жаңгакты сүйрөп жөнөдү. Сүйрөп бара жатып, таякка бир тийди. – Ой! Эмнеге жолдо ушунча көп тоскоолдуктар бар? – деди ал, кыжыры кайнап.

– Мутту, бул жакка кел! – деп достору ага жол көрсөттү. Мутту жер жаңгакты тоголото баштады. Ал туура жолдо бараткандай болгон. Мутту жолдо эңкейиш бар экенин байкаган жок. – Ай! Ай! – деп кыйкырды эңкейиштен ылдый тоголонуп бара жаткан Мутту. Ал ордунан турду. Бирок жер жаңгак ылдый тоголонуп кетти! Мутту жер жаңгакты кармайын деп секир-генде, аны бир нерсе кулатып жиберди. Мутту топуракка көмүлүп калып, таптакыр кыймылдай албай жатты.

- *Экинчи окуяда эмне болду?*
- *Мутту эмнеге кыжыры кайнады?*
- *Эмне үчүн жер жаңгак тоголонуп кетти?*
- *Кандай ойлосуңар достору Муттуга жардам беришеби?*

## 3-ТЫНЫМ

Достору жардамга чуркап келишти. Алардын жардамы менен Мутту сыртка чыкты. – Өх, мен го, аман калдым, ал эми жер жаңгак кайда калды? – деп таң калды Мутту. Жаңгак эч жер-ден көрүнгөн жок.

– Мутту, тезирээк келсең! – деп досу аны чакырды. Мутту жер жаңгактын жанында турган досуна чуркады! Ал жер жаңгакты кыйынчылык менен ордунан жылдырды. Мутту өзүнүн уюгуна жеткенине өтө бактылуу эле. – Достор, силер болбосоңор, мен жер жаңгакты жеткире алмак эмесмин! – деп ал баарына ыраазычылыгын билдирди.

- *Үчүнчү окуя кантип башталды?*
- *Мутту эмнеге таң калды?*
- *Мутту эмне үчүн досторуна ыраазычылык билдирди?*
- *Окуя кантип аяктады.*

***2-ТИРКЕМЕ***

## "САНДЫК КАТАР" СТРАТЕГИЯСЫ

Күтүлүүчү натыйжалар:

- Окуучулар ырааттуулукту (чейин жана кийин, артка жана алдыга, кийинкиси) аныктоонун математикалык түшүнүгүн пайдаланышат.
- Маселелерди чечүү, сандарды салыштыруу, сандардын айрымасын түшүнүүгө, сандык катардын багытын аныктоого үйрөнүшөт.

Окутуу класстар: 1-класстын 2-жарым жылдыгынан 4-класска чейин

**Керектүү материалдар:**

- Окуучулардын ар бир тобу үчүн (мугалим класста канча топ түзсө ошого жараша) чыгармада болуп жаткан окуяларын чагылдырган карточкалардын топтому болушу керек.
- Ырааттуулукту (биринчи окуя, экинчи окуя … , башында, аягында ж.б.) камтыган суроолррдун топтому болушу керек.
- Тактага сандардын катар (1, 2, 3, 4, 5, 6 …,) илинип коюлушу керек.

**1-кадам.** Мугалим "Мутту жана жер жаңгак" чыгырмасындагы 3-4 окуянын сүрөтүн карточкаларга алдын ала даярдап коет. Карточкаларды даярдоо үчүн ушул **https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet** тиркемеге кирип, "Мутту жана жер жаңгак" электрондук китебинен сүрөттөрдү алып, кагазга чыгарып алсаңыз болот. **(2-тиркемени караңыз)**

**2-кадам. Окуучуларды 2-3 топко бөлүштүрүңүз.**

**3-кадам.** Ар бир топко 3-4 окуянын сүрөтү бар карточкаларды берип, окуяларды ырааты менен жайгаштыргыла деген тапшырма бериңиз. Окуучуларга окуялар сандык катар сыяктуу солдон оңго карай тизилерин эскертиңиз. Топтор менен иштөөгө убакыт бериңиз. Ар бир топко барып, кантип иштеп жатканын байкаңыз. Кыйналып жаткан топторго колдоо көрсөтүп, 1-окуяны таап, жайгаштырып бериңиз.

**4-кадам. Доскага сандык катарды жазып коюңуз.** Бардык топтор иштеп бүткөндөн кийин 1-топтон 1-окуяны айтып, карточканын алып келип доскага илүүсүн сураныңыз. 2-топтон 2-окуяны сураңыз. Ушундай тартипте улантып аягына чейин чыгарыңыз.

Окуучулардын чыгармада канча окуя болгондугун сураңыз. "Андан кийин кайсы окуя болду? Кайсы окуя үчүнчү окуя болуп эсептелет? Төртүнчү окуядан мурун кайс окуя болду?"- деген суроолорду бериңиз.

**"Мутту жана чоң жер жаңгак" аңгемесиндеги окуялардын ырааттуулугу**

**1-окуя. Окуянын башталышы.** Мутту алгачкы жолу тамак издеп чыгып, жер жаңгак таап алып, анны көтөрүүгө аракет кылгандыгы.

**2-окуя.** Ал өзүнөн эки эссе чон жангакты көтөрө албай жыгылып калганда достору жардам бергендиги.


**3-окуя.**, Мутту кургак жерге чыгып, ар кандай тоскоолдуктарга учурап, кыйналгандыгы жана тоголонуп кеткендиги.

**4-окуя.** Муттунун достору ага жардам берип, көмүлүп калган жеринен куткаргандыгы.

**5-окуя. Окуянын бүтүшү.** Мутту уюгуна джетип алгандыгы үчүн бактылуу сезип, досторуна ыраазычылык билдиргендиги.

## №3 аудиокитеп. Кичинекей же чонбу?

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Кичинекей же чонбу?**<br>**Автору:** Алёна Молчанова<br>**Которгон жана адаптациялаган:** Абдыкерим Муратов<br>**Класс:** 1-класс, деңгээли: 1.3 |
| **Сабак:** | Алиппе, класстан тышкары окуу, мен жана дүйнө |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>– суроо түзүшөт;<br>– тексттен маалыматтарды табышат;<br>– тексттин мазмунуна ылайык турмуштук түрдүү кырдаалдардан мисалдарды келтиришет.<br>– 1-класстын окуучусу үчүн «мүмкүн / мүмкүн эмес» болгон иш аракеттерди бөлүштүрүшөт. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | “Ачкыч сөздөр”, “Суроолор айлапасы”, “Мүмкүн\мүмкүн эмес” |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Топто иштөө, жалпы класс менен талкуу |
| | **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:** | **1-КАДАМ.** Сиз чыгармадан тандалып алынган ачкыч сөздөрдү доскага жазып же баракчаларга жазып доскага илип коеюңуз.<br>**Ачкыч сөздөр:** *кичинекей болуу, чоңоюп калуу, овчарканы сейилдетүү, кичинекей керебет, ийинге көтөрүү ж.б.*<br><br>**Эскертүү:** *сөздөрдү тандоодо төмөнкү чен-өлчөмдөрдү эске алуу зарыл: сөздөр окуучулар үчүн жаңы, бейтааныш же тексттин маанисине негизделген ачкыч сөздөр болушу мүмкүн.*<br><br>**2-КАДАМ.** Окуучулардан доскага жазылган сөздөрдүн маанилерин чечмелеп, түшүндүрүп берүүсүн өтүнүңүз.<br>Окуучулардын жоопторун, башкача айтканда, сөздөрдүн маанилерин доскага жазып туруңуз. Жаңы сөздөрдү «Сөздөр дубалына» жайгаштырыңыз. |

<table>
<tr><td colspan="2">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</td></tr>
<tr><td></td><td>3-КАДАМ. Окуучуларга “Кичинекей же чонбу?” чыгармасын көңүл коюп угушсун. Эгерде китептин электрондук варианты менен тааныштыруу каалаcаңыз https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet тиркемеге кирип, электрондук китептеги сүрөттөрдү пайдалансаңыз болот.<br><br>4-КАДАМ. Аудиокитепти угуп бүткөндөн кийин доскада жазылган/жайгаштырылган сөздөрдүн маанилерин талдоого кайра алып келиңиз.<br>Ал үчүн төмөнкү суроолорду бериңиз:<br>■ Балдар, силер текстти укканга чейинки чечмелеген сөздөрдүн маанилери божомолдоруңарга туура келдиби?<br>■ Текстте сөздөрдүн маанилерин түшүнүүгө эмне жардам берди деп ойлойсуңар?<br><br>Эскертүү: окуучулар суроолорго жооп берүү үчүн убакыт бериңиз. Алар ойлорун айтып баштаганда аягына чейин угуңуз (өзүңүздөгү ойду окуучуларга таңуулап айта берүү окуучунун ой-лоосун токтотот. Ошондуктан окууучу өзү каалаган ойду айтып бүткөнгө чейин толук угуңуз)</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Окуучулардын тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td>«Суроолор айлампасы» формасы (13-тиркеме)<br></td><td>5-КАДАМ. Окууларга «Суроолор айлампасын» дептерлерине чийүү тапшырмасын бериңиз. Өзүңүз доскага тартып көрсөтүңүз. Таблицада берилген суроолуу сөздөрдү колдонуу менен текст боюнча суроолорду түзүп, “Суроолор айлампасына” жазууну түшүндүрүңүз. Окуучулар алгач жекече иштешет. Андан кийин жуптарда талкуулашып, түзүлгөн суроолорун бири-бирине берип, жооп алышат.<br>Эскертүү: Окуучуларга болжолдуу түрдө төмөнкүдөй үлгү суроолорду сунуштасаңыз болот. Анткени 1-класстын окуучуларында суроо түзүү көндүмдөрү жок болсо, анда аларга бир нече жолу үлгү көрсөтүп берүү зарылдыгы бар. Эгерде сиздин окуучуларыңызда суроо түзүү көндүмү бар болсо болсо сунуштабай койсоңуз болот.<br>Мисалы:<br>1. Чыгармадагы башкы каарман ким?<br>2. Айганышты атасы эмнеге кичинекейсин деп айтты?<br>3. Айганыш өзү жалгыз кайда барганга болбойт?<br>4. Айганыш кандай жумуштарды аткарганга болот.</td></tr>
</table>

<table>
<tr>
<td></td>
<td>6-КАДАМ. Окуучулар 1-класстын окуучусу үчүн «Мүмкүн / мүмкүн эмес» болгон иш аракеттерди 2 бөлүккө бөлүштүрсүн.<br>ИШ АРАКЕТТЕР:<br>■ алыс жакка жалгыз бийге \ футболго\ курстарга баруу;<br>■ үйдүн жанындагы дүкөнгө баруу;<br>■ иниңдин\сиңдиндин\карындашыңдын кичинекей буюмдарын талашуу;<br>■ паркта жалгыз ойноо;<br>■ жалгыз казанга тамак бышыруу;<br>■ ата-энеден уруксатсыз көчөгө чыгып кетүү;<br>■ күкүрт, от жандыргычтарды ойноо;<br>■ апасына чаң аарчып жардам берүү;<br>■ китеп текчени жыйноо;<br>■ сүрөт тартып ойноо;<br>■ китептерди ар жерге таштап коюу ж.б.<br>
<table>
<tr><th>МҮМКҮН</th><th>МҮМКҮН ЭМЕС</th></tr>
<tr><td></td><td></td></tr>
</table>
</td>
</tr>
<tr>
<td colspan="2">Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү</td>
</tr>
<tr>
<td>“Жол чырагы” техникасы</td>
<td>7-КАДАМ. Окуучуларга алдын ала даярдалган жашыл, сары кызыл түстөгү тегерекчелерди же стикерлерди таратыңыз. Жашыл тегерекче “Мен баарын түшүндүм”, сары тегерекче “Көбүн түшүндүм, бирок суроолорум бар”, кызыл тегерекче “Түшүнбөй жатам, мага жардам керек” дегени түшүндүрүңүз.<br><br>8- КАДАМ. Биринчи, кызыл тегерекче көтөргөндөргө көңүл буруп, аларга багыт берүүчү суроолорду бериңиз. Мисалы, эмне түшүнүксүз болуп жатат? Сенде кандай суроо бар? ж.б.<br>Экинчи, сары тегерекче көтөргөндөргө кеп-кеңеш, комментарий бериңиз. Жашыл тегерекче көтөргөндөрдөн эмнени түшүнгөнүн айтып беришсин. Аларга да байкоо жүргүзүңүз.</td>
</tr>
<tr>
<td>Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:</td>
<td>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet</td>
</tr>
</table>

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**№3. Кичинекей же чонбу?**

– Айганыш, сен бийге жалгыз бара албайсың. Мен сени узатып барам, – деди атасы. – Азырынча, сен кичинекейсиң.

– Мен сени колума көтөрө албаймын, Айганыш. Өзүң бас, – Сен чоң кызсың да, – деди апасы дүкөнгө бара жатканда.

– Рексти жалгыз сейилдете албайсың. Сен али кичинекейсиң. Овчарка – күчтүү ит, кармаганга алың жетпейт, – деди чоң энеси.

– Кызым, иниңдин керебетине батпайсың. Сен чонойдуң, – деди чоң атасы. Айганыш таптакыр түшүнбөй жатты. Бир эле убакта кантип аябай чоң жана аябай кичинекей боло алат? Чоң атамдын аркасына чыгып, ойногонго болбойт. Себеби мен чоңоюп калгам. Бирок паркта жалгыз ойногонго өтө эле кичинекеймин.

Айганыш чоңоюп кетип, жакшы көргөн эски көйнөгүнө батпай калган. Бирок казанга боорсок бышырганга өтө эле кичинекей экен.

– Деги, менин боюма эмне туура келет? – деп сурады кыз.

– Сен чоңойдуң, мектеп жашына жеттиң, – деп апасы Айганышка жаңы көйнөк белек кылды.

– Буттарың чарчаса, ийиниме көтөрүп алам, анткени сен кичинекейсиң, – деди атасы.

– Үйдүн жанындагы дүкөнгө барып, нан алып келгенге чоңоюп жарап калдың, – деди чоң атасы.

– Жатарда, мен жомок айтып берүү үчүн сен али кичинесиң, – деди чоң энеси.

– Кичинесиңби же чоңсуңбу, маанилүү эмес. Сени абдан жакшы көрөбүз, – деп баары Айганышты кучактап калышты.

***2-ТИРКЕМЕ***

**АЧКЫЧ СӨЗДӨР**

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- окуучулар китеп жөнүндө айтып беришет;
- сюжеттин өнүгүшүн божомолдошот;
- буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет;
- китепке/чыгармага болгон кызыгууларын арттырышат;
- окуганын түшүнүү үчүн өздөрү жараткан элестетүүлөрүн колдонушат;
- жаңы сөздөрдүн маанилерин табуу стратегияларын колдонушат.

**Классы: 1 – 4**

**Окуу баскычы : текстти окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин**

**1-кадам.** Мугалим доскага окуу үчүн тандалып алынган чыгармада же китепте кездешүүчү сөздөр жазылган карточкаларды жайгаштырат же сөздөрдү жазат. Окуучулардан алардын

маанилерин чечмелөөнү өтүнөт (сөздөрдү тандоодо төмөнкү чен-өлчөмдөрдү эске алуу зарыл: сөздөр окуучулар үчүн жаңы, бейтааныш же тексттин маанисине негизделген ачкыч сөздөр болушу мүмкүн). Окуучулардын жоопторун колдоо үчүн китепти, иллюстрацияларды, мазмунду көрсөтсө болот. Сөздөрдүн окуучулар айткан болжолдуу маанилерин мугалим өзү же окуучулар өздөрү чыгып, доскага жазып турса болот.


**2-кадам**. Түрдүү стратегияларды пайдаланып окуу менен окуучулар текст менен таанышышат (үлгүлүү, биргелешкен, башкарып же өз алдынча окуу).

**3-кадам**. Текстти окуп чыккандан кийин мугалим окуучуларды доскада жазылган/жайгаштырылган жана текстти окуганга чейин талкууланган сөздөрдүн маанилерин талдоого кайра алып келет. Балдардын божомолдору аныкталдыбы? Текстте сөздөрдүн маанилерин түшүнүүгө эмне жардам берди: контекст, иллюстрациялар же текстте бул сөздөрдүн маанилеринин аныктамалары айтылдыбы? ж. б.

**4-кадам.** Жаңы сөздөр «Сөздөр дубалына» жайгаштырылат («Сөз байлыгы» 3-модулду караңыз).[2]

***3-ТИРКЕМЕ***

**«Суроолор айлампасы» формасы (13-тиркеме)**




2 Келгиле, окуйбуз! Окуганын түшүнүү

## №4 аудиокитеп. Мышык жана ит футбол ойношот

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | Мышык жана ит футбол ойношот<br>**Автору:** Рене Лейзинк<br>**Которгон:** Назира Сартбаева<br>**Сүрөтчү:** Рене Лейзинк<br>**Класс:** 2-класс, деңгээли: 2.1 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, класстан тышкары окуу, мен жана дүйнө |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>– окуганга чейинки билимдерин активдештиришет;<br>– чыгармадагы негизги ойду аныкташат;<br>– чыгарманын сюжетин бөлүктөргө бөлүшөт;<br>– чыгарманын сюжетин айтып беришет;<br>– бири-бирин угуп, пикирлер менен бөлүшүшөт. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | **"Бул китеп/чыгарма эмне тууралуу болорун элестетчи"** ,"Кол"( "Беш манжа") **ыкмасы** |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Топто иштөө, жалпы класс менен талкуу |
| **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** | |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:** | **1-КАДАМ.** Сиз чыгармадагы бир нече иллюстрацияларды чыгарманын сюжетине ылайык ырааттуу тартипте доскага илип коеюңуз. Ал үчүн "Окуу керемет" долбоорунун алкагында иштелип чыккан электрондук китепчеге ушул шилтеме (ссылка) аркылуу **https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet** кирип, 2-класс үчүн иштелип чыккан кыргыз тилиндеги китептердин арасынан "Мышык жана ит футбол ойношот" деген электрондук китепти таап, ошол китептен иллюстрацияларды алсаңыз болот.<br><br>**2-КАДАМ.** Окуучуларды доскага илинген иллюстрацияларды көңүл коюп карап, анын негизинде аңгеме түзүшсүн. Ал үчүн:<br>■ чыгарманын каарманы каармандары) ким? (кимдер?),<br>■ окуя кайсы жерде өтөт?<br>■ каарманда кандай көйгөй пайда болду?<br>■ көйгөйлөрдү чечүүнүн кандай жолдору бар? деген суроолорго таянуу менен аңгеме түзүүсүн окуучуларга түшүндүрүңүз. |

<table>
<tr><td></td><td>3-КАДАМ. Жекече, жупта иштөө. Окуучулар жекече аңгеме түзүүсүнө\ойлонуп ой топтоосуна 3-4 мүнөт убакыт бериңиз. Андан кийин жупта өз аңгемелерин бири-бирине айтып беришсин.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</td></tr>
<tr><td></td><td>4-КАДАМ Окуучулар “Мышык жана ит футбол ойношот” аңгемесин угуп жатканда өздөрү түзгөн аңгеме менен дал келген жерлерин дептерлерине белгилешсин.<br><br>5-КАДАМ. Аудиокитепти угуп бүткөндөн кийин алдын ала болжолдуу түзгөн ангемеси менен окшош жактарын талкуулаңыздар.<br>Ал үчүн төмөнкү суроолорду бериңиз:<br>■ Балдар, силер текстти укканга чейинки айткан божомолдоруңарга кайсыл учурлары дал келди деп ойлойсуңар? Кандайдыр бир окшоштуктар барбы?<br>Эскертүү: окуучулар суроолорго жооп берүү үчүн убакыт бериңиз. Алар ойлорун айтып баштаганда аягына чейин угуңуз (өзүңүздөгү ойду окуучуларга таңуулап айта берүү окуучунун ойлоосун токтотот. Ошондуктан окууучу өзү каалаган ойду айтып бүткөнгө чейин толук угуңуз)</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Окуучулардын тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td>“Кол”</td><td>6-КАДАМ. Окуучуларды 3-4 топко бөлүштүрүңүз. “Мышык жана ит футбол ойношот” ангемесинин негизинде «Кол» формасын толтурушсун. Анын ар бир манжасына кандай жоопторду жазарын үлгү катары көрсөтүп, негизги идеяны табууга багыт бериңиз.<br>Беш манжага төмөнкү суроолорго жооптор жазылат.<br>■ Чыгарманын негизги идеясы кандай? Же автор бул чыгарма аркылуу эмнени айткысы келген?<br>■ Чыгарманын аталышы кандай? Анын автору ким?<br>■ Окуянын болгон жери (каерде?), убактысы (кайсы мезгилде?) качан?<br>■ Кандай каармандар катышкан? Башкы каармандар ким?<br>■ Окуядагы негизги көйгөй эмне?<br>■ Бака көйгөйдү кантип чечти?<br><br>7-КАДАМ. Топтор “Беш манжаны” толтуруп бүткөндөн кийин презентациялашат. Окуучулар менен биргеликте толтурулган формалардын варианттарын талкуулаңыз.</td></tr>
</table>

| Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү | |
|---|---|
| **“Жыйынтыктоочу суроолор”** | **8-КАДАМ.** Жыйынтыктоо үчүн окуучуларга төмөнкүдөй суроолор менен кайрылыңыз.<br>■ Чыгармадагы кайсы каарман жакты? Эмне үчүн жакты?<br>■ Эгерде сен Мышыктын ордунда болгондо эмне кылат элең?<br>■ Бака Итке туура кеңеш бердиби?<br>■ Кандай ойлойсуң жашоодо да Ит менен Мышыкка окшогон адамдар барбы?<br>■ Ушул ангемеге окшош кандай окуяларга туш болгосуңар?<br><br>**9-КАДАМ.** Окуучулар суроолорго жооп бергенде чыгарманы кандай түшүнгөнүн байкап туруңуз. Эгерде чыгарманын негизги оюн түшүнүүдө кыйынчылыктар байкалса кайтарым байланыш жасап, чыгарманы үйдөн кайра окуп, “Беш манжаны” жекече толтуруп келүүсүнө тапшырма бериңиз. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**Мышык жана ит футбол ойношот**

Бул Мышык. Бул Ит. Мышык менен Ит достору Эчки жана Кой менен футбол ойноп жатышат. Бака оюнга көз салып отурат. Ит абдан жакшы футболчу. Ал биринчи Койдон ашып өттү. Бали! Андан кийин топту Эчкинин буттарынын ортосунан тоголотуп алып кетти. Мыкты оюн. Ит топту Мышыкка өткөрүп берди. Мышык аны дарбазанын жанында күтүп турган. Мышык топту тосуп алып, дарбазаны көздөй тепти…

… бирок топту дарбазага киргизе алган жок! Оо, жок! Топ дарбазанын үстүнөн учуп өттү. Анын тапичкеси гана дарбазага кирди.

Мышык капа болду. Ит ачууланды.

– Топту кантип дарбазага киргизе алган жоксуң? Сен дүйнөдөгү эң начар футболчусуң, – деп Ит кыйкырды. Бака Итке жакын келди. – Сен капа болгонуңду көрүп турам, – деди Бака.

– Бирок, сенин айткан сөздөрүң Мышыктын көңүлүн оорутуп жатат.

– Андан тышкары, бул сөздөр чындыкка жатпайт. Мышык – эң сонун оюнчу!

Бака Мышыктын тапичкесин дарбазадан алып берди.

– Балким, сен өзүңдү Мышыктын ордуна коюшуң керек. Өзүңдү бирөөнүн ордуна коюп көрүү, тагыраак айтканда, бирөөнүн бут кийимин кийип көргөндөй эле, – деди Бака Итке.

Ит өзүнүн кооз, жаңы футбол бутсыларын чечти. Ит Мышыктын тапичкесин кийди. Ит топко карай чуркап жөнөдү. Бирок тайгаланып, жыгылып калды… Мышык Итке турганга жардам берди. Мышык Итти карады. Ит Мышыкты карады. Экөө кучакташты. Бака жылмайып аларды карап турду.

– Менде идея бар! Мен дайыма топту сол бутум менен тебем, а сен – оң бутуң менен тебесиң… – деп Ит Мышыкка сунушун айтты.

Мышык футбол бутсун оң бутуна кийди. Ал эми Ит футбол бутсун сол бутуна кийди.

Матч уланууда. Алар дүйнөдөгү эң мыкты команда!

Саламатта кал, Мышык! Саламатта кал, Ит! Саламатта кал, Бака! Саламатта кал, Кой! Саламатта кал, Эчки!

Бакадан макталоорду айтуу адаттары Досум мага: "Сен жакшы футболчусуң" десе, өзүмдү бактылуу сезем. Ошондуктан мен досума: "Сен жакшы футболчусуң" – деп айтам. Эми досум да бактылуу. Мени эмне бактылуу кылат? Досум мага: "…….." десе, өзүмдү бактылуу сезем. Ошондуктан мен досума: "………" – деп айтам. Бул менин досума кубаныч алып келет.

**Бул китеп/чыгарма эмне тууралуу болорун элестетчи**

**Күтүлүүчү натыйжалар**:

- текстти окуганга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет;
- чыгармага болгон кызыгууларын көрсөтүшөт;

- чыгарманын текстин талдашат;
- окууда божомолдоону колдонушат.

**1-кадам.** Мугалим окуучуларды тексттин иллюстрацияларын көңүл коюп кароого чакырат жана божомолдоолорун түзөт: чыгарманын каарманы каармандары) ким? (кимдер?), окуя кайсы жерде өтөт? Каарманда кандай көйгөй пайда болду? Көйгөйлөрдү чечүүнүн кандай жолдору бар?

**2-кадам**. Окуучулар жекече, жупта же топтордо өздөрүнүн божомолдорун түзүшөт, каалоочулар аткарган иштерин презентациялашат.

**3-кадам**. Окуучулар текстти/китепти көңүл коюп окушат.

**4-кадам.** Окуучулар алдын ала түзгөн божомолдору менен окуган текстинен түшүнгөндөрүн/тапкандарын салыштырышат

**“Беш манжа”**

**Күтүлгүчү натыйжалар:**

Окуучулар чыгармадагы негизги ойду аныкташат;

- сюжеттин бөлүктөрүн бөлүп алышат.




**1-кадам.** Окуучулар чыгарма (текст же китеп) менен таанышышат.

**2-кадам.** Тексттен алынган маалыматтын негизинде «Кол» формасын толтурушат.

**3-кадам.** Мугалим окуучулар менен бирге толтурулган формалардын варианттарын талкуулашат. Эскертүү: топтор менен иштөөдө түстүү стикерлерди колдонсо болот. Доскага окуучулардын аткарган иштерин илип, алардын ичинен эң ылайыктуу вариантын талкуулашат. 8-тиркемеде өз алдынча толтуруу үчүн «Кол» формасы берилген.


## №5 аудиокитеп. Кескелдириктин өзгөчө териси

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Автор:** Моурнг Пайзет<br>**Которгон:** Айгуль Джунушалиева<br>**Сүрөтчү:** Соурт Роурт<br>**Класс:** 2-класс, деңгээли: 2.1 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, класстан тышкары окуу, мен жана дүйнө |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>– китеп тууралуу атайын форманы толтуруп, айтып беришет;<br>– кескелдирик тууралуу буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет;<br>– тексттин мазмунун алдын ала божомолдошот;<br>– ар түрдүүлүк эмне экенин түшүнүп, кескелдириктердин мисалында айтып беришет. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | ■ “Китеп менен таанышуу”;<br>■ “Билем, билгим келет, билдим”;<br>■ “Суроолор баштkчасы”. |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Жекече, жупта иштөө |
| | **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:** | **1-КАДАМ.** Окуучуларга “Кескелдириктин өзгөчө териси” деген китептин электрондук варианттын көрсөтүңүз. Эгерде китеп бар болсо колдоруна таркатып бериңиз. Окуучулар төмөнкүдөй форманы толтурушсун.<br><br>Китептин аталышы \| Автору \| Сүрөтчүсү \| Которгон<br>(бош катар)<br><br>**2-КАДАМ.** Окуучулардан толтурушкан форманын негизинде китептин аталышын, авторун, сүрөтчүсүн ж.б. айтып беришсин. |

Ички таблица (1-КАДАМ):

| Китептин аталышы | Автору | Сүрөтчүсү | Которгон |
|---|---|---|---|
| | | | |

<table>
<tr>
<td>“Билем, билгим келет, билдим” ыкмасы менен иштөө. Билем (буга чейинки билимдерин активдештирүү), билгим белет (кызыккан маалыматтар) бөлүгү менен иштөө.</td>
<td>
3-КАДАМ. Окуучулар дептерлерине төмөнкүдөй таблицаны сызып алышсын.
<table>
<tr><th>Билем</th><th>Билгим келет</th><th>Билдим</th></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>
Кескелдирик тууралуу билгендерин таблицанын “БИЛЕМ” бөлүгүнө толтурушсун. Ал үчүн төмөнкү суроолор менен кайрылыңыз.
<ul>
<li>Кескелдирик деген эмне?</li>
<li>Ким кескелдирик көргөн?</li>
<li>Кескелдириктердин терисинин кандай өзгөчөлүктөрү болушу мүмкүн? ж.б.</li>
</ul>
Окуучулар алгач жеке “Билем” бөлүгүн жекече толтурушсун. Андан кийин жупта бири-бирине билгендерин айтып беришсин. Ар бир жуптан бирден маалымат сурап, билгендерин доскадагы таблицага жазыңыз.<br><br>
4-КАДАМ. “Азаматсынар, балдар, кескелдирик тууралуу билгениңерди жазып алдыңар. Алар тууралуу эмнелерди билгиңер келет?<br>
Мисалы, кескелдириктердин териси ар кандай болорун билгиңер келеби?<br>
Ал үчүн таблицанын “БИЛГИМ КЕЛЕТ” бөлүгүн толтургула. Жекече, жупта иштешсин. Ар бир жуптан бирден ойду “Билгим келет” бөлүгүнө жазыңыз.
</td>
</tr>
<tr><td colspan="2">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</td></tr>
<tr>
<td></td>
<td>5-КАДАМ. Окуучуларга “Кескелдириктин өзгөчө териси” аудиокитебин угузуңуз. Угуп жатканда өздөрү кызыккан маалыматтарга жооп издеп угушсун.</td>
</tr>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr>
<td>“Суроолор баштыкчасы” ыкмасы</td>
<td>
6-КАДАМ. Аудиокитепти угуп бүткөндөн кийин таблицанын “БИЛДИМ” бөлүгүн толтурушсун.<br>
“Билдим” бөлүгүн толтургандан кийин рефлексия үчүн суроолор:
<ul>
<li>Текст менен таанышканга чейин кандай маалыматыңар бар эле?</li>
<li>Тексттеги маалыматка ээ болуу үчүн кандай суроолор коюлган болчу?</li>
<li>Силердин күтүүлөрүңөр аныкталдыбы?</li>
<li>Кандай жыйынтыктар болду?</li>
<li>Текстти окуп чыккандан кийин эмнелерди билдиңер?</li>
</ul>
</td>
</tr>
</table>

| | |
|---|---|
| | **7-КАДАМ.** Төмөнкү суроолорду кагаздарга жазып, “Суроолор баштыкчасына” салып коюңуз. Окуучулардын жанына барып, баштыкчадан каалаган суроосун алып, жооп беришет. Суроого даярданууга убакыт бериңиз.<br>**Суроолор:**<br>■ Кескелдирик, Күн Сцинки жана Агама-Көпөлөк кайда сейилдешкен?<br>■ Кескелдириктер бири-бирине эмнеси менен мактанышкан?<br>■ Кичинекей Агама-Көпөлөктүн терисинин өзгөчөлүгү эмнеде?<br>■ Кичинекей Күн Сцинкинин терисине кандай сыпаттар таандык?<br>■ Хамелеон кескелдирик эмнеге капа болду?<br>■ Кескелдирик өзүнүн терисин кантип өзгөртүүгө аракет кылган?<br>■ Жыланга жолукканда Хамелеон кескелдирик тери кандай абалга өзгөрдү?<br>■ Эмне үчүн Хамелеон кескелдириктин терисине суктанышты?<br>■ Хамалеон кескелдирик өзүнүн өзгөчөлүгүн кантип кабыл алды? |
| | |
| **“КОЛ МЕНЕН БЕЛГИ”**<br> | **8-КАДАМ.** Мугалим окуучулардын теманын мазмунун түшүнгөнүн же түшүнбөгөнүн колдун бармактары аркылуу бирдирүүсүн суранат. Окуучулар менен ал белгилер тууралуу макулдашып алуу керек.<br>**Мен ____ түшүндүм жана түшүндүрүп бере алам (*бармагын өйдөгө көтөрөт*);**<br>**Мен ____ жакшы түшүнө элекмин (*бармагын ылдый багыттайт*);**<br>**Мен ____ анык түшүндүм деп айта албайм. (*Колун булгалайт*).**<br>Мугалим окуучулардын белгилерине карап, айрым окуучулардан сурайт. Мисалы, эмнени түшүндүң айтып берчи? Эмне үчүн түшүнбөдүм деп ойлоп жатасың? |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**Кескелдириктин өзгөчө териси**

Бир күнү кичинекей Хамелеон Кескелдирик дарыянын жээгинде сейилдеп жүрдү. Ал досторун, кичинекей Күн Сцинкин жана кичинекей Агама-Көпөлөктү көрдү. Алар бири-бирине териси менен мактанып жатышкан экен. Кичинекей Агама-Көпөлөктүн териси түрдүү түстө эле. Кичинекей Күн Сцинкинин териси жылмакай жана жалтырак эле. Кичинекей Күн Сцинки жана кичинекей Агама Көпөлөк кичинекей Хамелеон Кескелдирикти көздөй бурулушту. Анын терисин көрүп, экөө тең менменсинип, мурундарын чүйрүдү. Кичинекей Хамелеон Кескелдирик капа болду. Ал териси кичинекей Күн Сцинкинин терисине окшоп жалтырак болушун абдан каалады. Кичинекей Кескелдирик уялганынан жер карап басып кетти.

– Мен өзүмдүн теримди жек көрөм. Терим тигилердикиндей жылмакай болушу үчүн эмне кылсам болот? – деп ичинен күбүрөндү. Кичинекей Хамелеон Кескелдирик терисин өзгөртүүнүн жолдорун ойлонуп жатты. Ал бакка сүйкөнүп, терисин сыйрып салууга аракет жасады. Ал бактын ширесин сүйкөп, терисин жылмакай кылууга аракет жасап көрдү.

Ал таштардын ортосунан кысылып өтүүгө аракет кылды.

...тыгылып калды. Чыгып кетүү үчүн ага көп убакыт жана аракет керек. Кичинекей Хамелеон Кескелдирик абдан оңтойсуз абалда болду.

Кокусунан ага жылан сойлоп келди! Жылан ышкырып, оозун ачты. Ал кичинекей Кескелдирикти жутуп алууга камынды! Жылан улам жакындап келе жатты. Берки эки кескелдирик дагы ага жакын жерде болчу. Жыландан качабыз деп алар кагылышып, бири-биринин үстүнө жыгылып калышты.

Жылан аларды кууп жетти. Бирок...алар кайда? Жылан аларды таба алган жок. Көңүлү чөгүп ышкырып алды дагы, сойлоп кетти. Кичинекей Күн Сцинки жана кичинекей Агама-Көпөлөк кичинекей Хамелеон Кескелдирикти башкача көз караш карап калышты.

– Вау, сенин териң түсүн өзгөртө алат экен! Кандай керемет! – деп суктанышты алар. Кичинекей Хамелеон Кескелдирик абдан кубанды. Ал өзүнүн ушунчалык өзгөчө экенин билди!

Келгиле, кичинекей Күн Сцинкиге жана кичинекей Агама-Көпөлөккө кичинекей Хамелеон Кескелдирикти табууга жардам берели.

***2-ТИРКЕМЕ***

**“СУРООЛОР БАШТЫКЧАСЫ”**


Төмөнкү суроолорду кичинекей кагаздарга жазып, “Суроолор баштыкчасына” салып коюңуз. Окуучулардын жанына барып, баштыкчадан каалаган суроосун алып, жооп беришет. Суроого даярданууга убакыт бериңиз.

| СУРООЛОР | ЖООПТОР |
|---|---|
| Кескелдирик, Күн Сцинки жана Агама-Көпөлөк кайда сейилдешкен? | Дарыянын жээгинде сейилдешти |
| Кескелдириктер бири-бирине эмнеси менен мактанышкан? | Агама-Көпөлөк менен Күн Сцинкини териси менен мактанышты |
| Кичинекей Агама-Көпөлөктүн терисинин өзгөчөлүгү эмнеде? | Түрдүү түстө болгондугунда |
| Кичинекей Күн Сцинкинин терисине кандай сапаттар таандык? | Жылмакай жана жалтырак |
| Хамелеон кескелдирик эмнеге капа болду? | Ал өзүнүн териси жылмакай жана жалтырак эмес деп ойлогондуктан |
| Кескелдирик өзүнүн терисин кантип өзгөртүүгө аракет кылган? | Бактардын ширесин сүйкөп, таштардын ортосунан кысылып өтүүгө аракет кылды |
| Эмне үчүн Хамелеон кескелдириктин терисине суктанышты? | Хамелеон кескелдириктин териси түсүн өзгөрткөнү үчүн абдан суктанышты |
| Хамелеон кескелдирик өзүнүн өзгөчөлүгүн кантип кабыл алды? | Ал өзүн өзгөчө деп сезип, абдан кубанды |

***3-ТИРКЕМЕ***

**“КОЛ МЕНЕН БЕЛГИ”**

**ШАРТЫ:** Мугалим окуучулардын теманын мазмунун түшүнгөнүн же түшүнбөгөнүн кол жаңсоо менен бирдирүүсүн суранат. Окуучулар менен ал белгилер тууралуу макулдашып алуу керек.




**Мен ____ түшүндүм жана түшүндүрүп бере алам (бармагын өйдөгө багыттайт);**

**Мен ____ жакшы түшүнө элекмин (бармагын туура жакка багыттайт);**

**Мен ____ анык түшүндүм деп айта албайм. (Колун булгалайт).** Мугалим окуучулардын белгилерине карап, айрым окуучулардан сурайт. Мисалы*: эмнени түшүнгөнүңдү айтып берчи? Эмне үчүн түшүнбөдүм деп ойлоп жатасың?*

# №6 аудиокитеп. Лара, сары эл кайда көчөт

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Авторлору:** Надин Криэл, Марта Эванс жана Кэтрин Холтхаузен<br>**Которгон жана адаптациялаган:** Үмүт Жолдошова<br>**Класс:** 2-класс, деңгээли: 2.1 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, класстан тышкары окуу, мен жана дүйнө |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>– чыгармадан алынган фразалардын негизинде текстти божомолдошот;<br>– өздөрү түзгөн текст менен чыгарманын мазмунун салыштырышат;<br>– мазмунга ылайык турмуштук мисалдарды келтиришет; |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | ■ “Бул китеп/чыгарма эмне тууралуу болорун элестетчи”.<br>■ “Үч мүнөттүк эссе” ыкмасы. |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Жекече, жупта иштөө |
| **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** | |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:** | **1-КАДАМ.** Окуучулардын буга чейинки билгендерин активдештирүү үчүн төмөнкү суроо менен кайрылыңыз.<br>– **Балдар, силер, бири-бириңерден кандай өзгөчөлүктөрүңөр бар?**<br>Болжолдуу ушундай жоопторду айтууга багыттаңыз. *Мисалы, Айнуранын чачы кара, а меники сары. Асандын бою өтө узун. Байэлдин боюу жапызыраак..*<br><br>**2-КАДАМ.** Окуучуларга “Лара, сары эл кайда көчөт” аудиокитебинин электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet вариантtын бир катар барактап көрсөтүңүз. Төмөнкү фразаларды катыштырып, тексттин мазмунун божомолдоп, оозеки айтып беришсин. Окуучулар 3-4 топко бөлүнүп аткарышсын.<br>**Доскага жазылуучу фразалар***: өзгөчө эл кайда көчөт, Ларанын сары канаттары, ал ыйлады, канаттарын кызыл түскө боёп*<br><br>**3-КАДАМ.** Топтор презентацияларын жасашсын. |

<table>
<tr><td colspan="2">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</td></tr>
<tr><td></td><td>4-КАДАМ. Окуучулар “Лара, сары эл кайда көчөт” аудиокитебин өздөрү жазган текст менен салыштырып (окшош, айрымалуу) угушсун.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td>“Венндин диаграммасы”</td><td>5-КАДАМ. Венндин диаграммасынын графикасы түшүрүлгөн ватмандарды топторго берип, алдын ала топто түзгөн аңгемелери менен окшош жана айрымалуу жактарын салыштырышсын.<br><br><br>6-КАДАМ. Топтор Венндин диаграммасын презентациялашсын. Презентацияларын критерийлердин негизинде баалашсын.<br>Бири-бирин баалоонун критерийлери:<br>– Алдын ала божомолдогон текст менен чыгарманын окшош жана айрымалуу жактарын тапса – 3 упай;<br>– Презентацияны түшүнүктүү, так айтып берсе - 2 упай.<br>– Венндин диаграммасын туура жазып толтурушса - 2 упай;<br>– Топтор бири-бирин угуп ынтымактуу иштешсе – 2 упай. Жалпы: 8 упай.<br>
<table>
<tr><th>Упайлары</th><th>Баалары</th></tr>
<tr><td>7–8 упай</td><td>“5”</td></tr>
<tr><td>5–6 упай</td><td>“4”</td></tr>
<tr><td>3–4 упай</td><td>“3”</td></tr>
</table></td></tr>
<tr><td>Рефлексия үчүн суроолор</td><td>7-КАДАМ. Окуучуларга төмөнкүдөй суроолор менен кайрылыңыз.<br>– Лара башкалардан эмнеси менен өзгөчөлөндү?<br>– Лара эмнеге капа болду?<br>– Эмне үчүн ар ким өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрүнө капа болбош керек деп ойлойсуңар?<br>– Силер тааныган адамдардын кандай өзгөчөлүктөрү бар? Мисалдарды келтиргиле.</td></tr>
</table>

| Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү | |
|---|---|
| **“Үч мүнөттүк эссе”** | **8-КАДАМ.** Окуучуларга төмөнкү суроону берип, 2-3 мүнөттүн ичинде эссе жазуусун сураныңыз. 3 мүнөт убакыт бериңиз.<br>■ **“Лара, сары эл кайда көчөт” аудиокитеби сага эмнеси менен жакты?**<br>Алардын эссесин угуп, кайтарым байланыш бериңиз. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**Лара, сары эл кайда көчөт**

Лара – өзгөчө эл кайда көчөт. Анын канаттары кызыл эмес, сары түстө. Ларанын сары канаттары баарына жагат.

Биби Көпөлөк күнүгө эртең менен Лара менен саламдашат. Ал эми Манто жаачы кол булгайт. Мектепте Лара дайыма достору менен ойнойт. Бирок Лара башка эл кайда көчөттөргө окшошкусу келет.

– Апаке, менин канаттарым кызыл болуусун каалайм, – деп ыйлады ал бир күнү.

Апасы Ларанын канаттарын кызыл түскө боёп берди.

Эртең менен Лара мектепке барды. Бирок аны эч ким байкабады. Лара жалгыз отуруп калды. Анын кыпкызыл жаңы канаттарын эч ким карабай койду. Бир убакта агайы Ларадан:

– Лара, сен сонун сары канатыңды боёп алдыңбы? – деп сурады. Ларанын классташтары ага абдан таң калышты:

– Сенин сары канаттарың эле сонун болчу!

– Эмнеге боёп салдың? Сары түс эле жакшы болчу!

Агайы Ларага карап мындай деди: – Лара, сенин сары канаттарың өзгөчө. Кээ бирөөнүн меңи бар, кээ бирөөнүн буттары узун. Ал эми сары канатың сени өзгөчө кылып турчу. Алар сага абдан жарашчу.

Үйгө келгенде Лара канатындагы боёкту жууп салды. Анын канаттары мурдагыдай алтын түстүү сары болуп калды.

– Эми мен канатымды такыр боёбойм, – деди Лара. – Мүмкүн, бир же эки жолу бир аз эле боёп көрөм. Балким, бир аз ачык кызыл менен кооздойм. Бирок сөзсүз кайра жууп салам.

***2-ТИРКЕМЕ***

**БУЛ КИТЕП/ЧЫГАРМА ЭМНЕ ТУУРАЛУУ БОЛОРУН ЭЛЕСТЕТЧИ**

**Аткаруу тартиби:**

Сабак башталганга чейин даярдалган тексттен бир нече сөздү же фразаларды тандап алуу керек (5–7 сөз же фраза).

Аларды кагазга өзүнчө принтерден басып чыгарып, доскага илүү керек же доскага жазып койсо да болот.

Сөздөр тексттин төмөнкү элементтерине тиешелүү болуусу керек:

- чыгарманын башкы каарманы/персонажы;
- чыгарманын окуясы өткөн жер;
- көйгөй;
- окуя;
- көйгөйлөрдүн чечилиши же кырдаалдан чыгуу.

## №7 аудио китеп. Биринчи марафон

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Автор:** Миргүл Нарaлиева<br>**Сүрөтчү:** Айжамал Борисова<br>**Класс:** 2-класс, деңгээли: 2.2 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, класстан тышкары окуу. |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>– чыгарманын мазмуну тууралуу пикирлерин билдиришет;<br>– ырастоолордун анык\анык эмес экендигин талкуулашат;<br>– тыянак чыгарышат;<br>– көзү начар көргөн, кулагы начар уккан ж.б. майыптуулугу бар адамдарга жардам берүү маанилүүлүгүн айтып беришет;<br>– жүрүм-турум маданиятына калыптанышат. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | ■ “Анык же анык эмес ырастоолор”;<br>■ «Көпөлөк жана гүл» ыкмасы |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Жекече, жупта иштөө |
| | **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:**<br><br>“Анык же анык эмес ырастоолор” | **1-КАДАМ.** Окуучуларды сабакка активдештирүү үчүн төмөнкү суроолорду бериңиз.<br>■ *Марафон деген эмне?*<br>■ *Ким кандай мелдештерге катышкан?*<br>■ *Чурканга кызыгасынарбы? Эмне үчүн чуркаган жагат?*<br>■ *Чыгарма “Биринчи марафон” деп аталса эмне жөнүндө болушу мүмкүн деп ойлойсуңар?*<br><br>**2-КАДАМ.** Сиз сабак башталардан мурун ырастоолорду доскага же ватманга жазып коюңуз. Окуучулар төмөнкү таблицада берилген ырастоолорду окуп, алардын маанисин кандай түшүнгөнүн айтып беришсин.<br><br>**3-КАДАМ.** Ырастоолордун номерин көрсөтүү менен таблицанын “Менин божомолум” деген графасына божомолу туура болсо «+» , туура эмес болсо «–» белгисин белгилеп чыгышсын. |

<table>
<tr><td></td><td>
<table>
<tr><th>Ырастоолор</th><th>Менин божомолум</th><th>Тексттеги маалымат</th></tr>
<tr><td>1. Айсана чуркоо боюнча мектептеги мелдештерге катышып, медалдарды алат.</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>2. Айсананын Белек деген иниси бар, анын көзү кичинесинен начар көрөт.</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>3. Белек чуркоо боюнча мелдешке катышат.</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>4. Айсана инисине жардам берип, аны менен кошо чуркайт.</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Белектин атасы менен апасы марафонго барып, балдарын колдоп турушат.</td><td></td><td></td></tr>
</table>
4-КАДАМ. Ырастоолорду төмөнкүдөй суроолор менен талкуулаңыз.
<ul>
<li>Биринчи ырастоого ким кандай белги койду? Эмне үчүн?</li>
<li>Экинчи ырастоого «+» белгисин койгондор кол көтөргүлө.</li>
<li>Кимдер үчүнчү ырастоого «–» белгисин койду? Эмне үчүн?</li>
</ul>
Ушундай тартипте окуучулар менен биргеликте беш ырастоонун талкууланыз.
</td></tr>
<tr><td colspan="2" align="center">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</td></tr>
<tr><td></td><td>5-КАДАМ. Окуучуларга “Биринчи марафон” аудиокитебин угузуңуз. Аудиокитепти угуп жатканда өздөрү жазган божомолдорго тексттеги маалымат дал келген\ келбегенин байкап угуусун айтыңыз.</td></tr>
<tr><td colspan="2"> Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр Тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td>“Анык же анык эмес ырастоолор”</td><td> 6-КАДАМ. “Биринчи марафон” аудиокитебин угуп бүткөндөн кийин алгачкы божомолдоолорду китептин мазмуну салыштырыңыз. Текстти укканга чейин толтурган таблицанын “Тексттеги маалымат” графасына божомолдорго дал келсе «+», дал келбесе «–» белгисин коюп чыгышсын. 7-КАДАМ. Таблицанын толтургандан кийин жупта талкуулашсын. </td></tr>
</table>

<table>
<tr><td>«Көпөлөк жана гүл» ыкмасы менен иштөө</td><td>8-КАДАМ. Классты эки топко бөлүп алыңыз. 1-топту “Көпөлөк”, 2-топту “Гүлдөр” тобу деп атап коюңуз. Көпөлөктөргө суроолор жазылган карточкаларды таратып бериңиз, гүлдөргө алардын жообу жазылган карточкалар берилет. Ар бир көпөлөк өз гүлүн табыш керек. (2-тиркемеде берилген)<br><br>Көпөлөктөр гүлдөрдү издеп жатканда төмөнкү жүрүм-турум эрежелерин сактоо керектигин эскертиңиз.<br>– Ар бир көпөлөккө барып, алардын колундагы жоопторду айтып берүүсүн суранышат;<br>– Эгерде жооптору туура келген гүлдөрдү тапса кол чаап коюшат;<br>– эгерде таба албаса кийинки окуучуга барып жообун айтып берүүсүн суранат;<br>– бири-бирин түртүп жибергенге болбойт;<br>– чуркап, ызы-чуу салбай, акырын өз суроосунун жообун табуу керек.<br><br>9-КАДАМ. Ар бир табылган жуптардын жоопторун угуп, туура же туура эместигин бири-бирине талкуулатыңыз.</td></tr>
<tr><td colspan="2" align="center">Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү</td></tr>
<tr><td>“Жыйынтыктоочу суроолор”</td><td>10-КАДАМ. Окуучуларга төмөнкүдөй суроолор менен кайрылыңыз.<br>– Айсана сыяктуу бир тууганларыңарга, досторуңарга кандай жардам бергенсиңер?<br>– Силер үчүн бир тууган\достор маанилүүбү же мелдештен утуп алуу маанилүүбү?<br>– Эгерде жип менен байлап койбосо эмне болмок деп ойлойсуңар?<br>– Белек сыяктуу балдарга кандай мамиле кылуу керек?</td></tr>
<tr><td>Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:</td><td>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet</td></tr>
</table>

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**Биринчи марафон**

Айсана кыйын чуркайт. Мектептеги өткөн жарыштарда дайым кубок, медалдарды алат. Аларды бөлмөсүнө илип койгон. Жакында жөө күлүктөрдүн марафону болот. Ага күндө даярданып машыгат. Бул анын биринчи марафону. Айсана сабактарын да мыкты окуйт. Анын өзүнөн кичүү Белек деген иниси бар. Экөө ынтымактуу. Иниси эжесинин күлүктүгүнө сыймыктанат, өзү да чуркагысы келет. Белек кичинесинен көрүүсү начар. Ошондуктан аны дайыма бирөө коштоп жүрөт.

Айсана машыгуудан келди. Бөлмөдө Белек тегеренип чуркап жүрүптүр. Эжесинин келгенин байкаган да жок. Бир маалда чарчады окшойт, жерге отуруп калды. – Сен мени менен марафонго чуркайсыңбы? – деди Айсана инисинин колунан кармап. Белек сүйүнүп ордунан тура калды.

– Мен да чуркасам болобу? – Албетте, болот. А эмнеге болбосун? – деди Айсана чоң кишиче. – А сиз жанымда болосузбу? – деп Белек бултуя калды. – Ооба, сөзсүз жаныңда болом! Кам санаба! – Ура-а-а! Мен эми чемпион болом, – деди эжесин кучактап.

– Келгиле, балдарым, – деп апасы тамакка чакырды. – Апа, мен эртең Белекти марафонго катышууга каттап келейин. Уруксатпы? – Белек өзү каршы эмеспи? – деди апасы баласын карап. – Жок, апа, мен каршы эмесмин. Эжемдей болуп зуулдап чуркагым келет. Белек бөлмөнү айлана чуркап калды. – Атаң экөөбүз дагы баралы. Силерди колдоп турабыз, – деди апасы кубана.

Ошентип марафон болор күн да келди. Белектин кубанычында чек жок эле. – Белек, мен сенин жаныңда болом, коркпой чуркагын, – деди Айсана инисине шыбырап. – Ой, азаматтар, силерди биз марадан күтөбүз, – деп атасы балдарынын колдорун кармаштырып, жумшак жип менен байлады. Айсанага карап, акырын көз кысып койду. Кызы атасын түшүнүп, башын ийкеди.

Марафон башталды. Демейде алдыга озуп кетчү Айсана инисине дем берип, жай чуркады. Жиптин аркы учунда эжеси бар экенин сезип, Белек ишенимдүү чуркап бара жатты. Айсана үчүн инисинин кубанычынан өткөн белек жок эле!

**2-ТИРКЕМЕ**

**«Көпөлөк жана гүл» ыкмасы**

Интерактив окутуунун ыкмасы. Коллективдүү окутуунун формасы.

Автору - А.Каменский.

Класс эки топко бөлүнөт: «көпөлөк» жана «гүл». Көпөлөктөргө суроолор жазылган карточкаларды таратып берет, гүлдөргө алардын жообу жазылган карточкалар берилет. Ар бир көпөлөк өз гүлүн табыш керек.

Бул ыкма жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагында да колдонулат. Бардык окуучулардын бир эле учурда класста кыдыруу зарылчылыгы, бул жүрүм-турум маданиятынын белгилүү калыптанышын талап кылат.

| **Суроолор (көпөлөктөр тобуна )** | **Жооптор (гүлдөр тобуна)** |
|---|---|
| Марафон деген эмне? | Алыстыкка чуркоо, сууда сүзүү ж. б. спорттун түрү боюнча мелдеш марафон деп аталат. |
| Айсана кандай кыз? | Айсана жакшы окуган, спорт менен машыккан боорукер кыз. |
| Күлүктөрдүн марафону дегенди кандай түшүндүңөр? | Күлүктөрдүн марафону деген – бул кыйын чуркагандардын мелдеши |
| Белек эмне үчүн кубанды? | Белек Марафонга эжеси менен катышам деп кубанды. |
| Айсана эмнеге кубанды? | Айсана Белектин сүйүнгөнүн көрүп кубанды. |
| Белек марафонго катыштыбы? | Ооба, Белек марафонго катышты. |
| Чыгармадагы башкы каарман ким? Эмне үчүн? | Чыгармадагы башкы каармандар Айсана менен Белек. Анткени алар чыгарманын башынан аягына чейин катышты. |
| Чыгармадагы негизги көйгөй эмне? | Чыгармадагы көйгөй Белектин көрүүсүнүн начардыгы. |

# №8 аудио китеп. Менин жаңы түсүм

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Менин жаңы түсүм**<br>**Автор:** Секар Аю Адханингрум<br>**Которгон:** Назира Сартбаева<br>**Класс:** 4-класс, деңгээли: 4.1 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, сүрөт, класстан тышкары окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>– чыгарманын мазмунун болжомолдошот;<br>– чыгарманын мазмунуна тиешелүү ачык\жабык суроолорго жооп беришет;<br>– жашоодон алынган кырдаалдар менен салыштырышат;<br>– чыгарманын негизинде суроолорду түзүшөт. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | "Тыным менен окуу", Ролдоштуруп аткаруу |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Жекече, топто иштөө, жалпы класс менен талкуу |
| **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** | |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:** | **1-КАДАМ**. Чыгарманын аталышы, автору, менен тааныштыруу. Окуучуларды чыгарманы угууга болгон кызыгуусун артыруу жана билгендерин активдештирүү. Окуучуларга аудиокитептин башында берилген автору, китептин аталышы тууралуу жерге чейин угузуп, окуучуларга төмөнкү суроолорду бериңиз.<br>■ Балдар, биз уга турган чыгарманын аты кандай экен?<br>■ Бул чыгарманы автору ким же ким жазган?<br>■ "Менин түсүм" деген аңгеме эмне жөнүндө болушу мүмкүн? Кандай ойлойсуңар?<br>■ Силер өзүңөрдүн окуяларыңар же окуган китебиңер тууралуу күндөлүк жазасынарбы?<br>**Эскертүү:** окуучулар суроолорго жооп берүү үчүн убакыт бериңиз. Алар ойлорун айтып баштаганда аягына чейин угуңуз (*өзүңүздөгү ойду окуучуларга таңуулап айта берүү окуучунун ойлоосун токтотот. Ошондуктан окууучу өзү каалаган ойду айтып бүткөнгө чейин толук угуңуз*). |
| **Текстти угуу учурундагы тапшырмалар** | |
| **"Тыным менен окуу" стратегиясы.** | **2-КАДАМ.** Мугалим аудиокитепти тынымдар менен угузат. 1-тиркемеде берилген. |

**Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр**

Тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.

**3-КАДАМ.** Окуучуларды 3 топко бөлүштүрүңүз. Топторго 4 түрдүү төмөнкү тапшырмаларды доскага жазып коюңуз. Топтун мүчөлөрү бири-бири менен акылдашып, өздөрү каалаган тапшырманы аткарышса болот.

**Тандоо үчүн тапшырмалар:**

- *Жашоодон алынган кырдаалдардан мисалдарды айтып бергиле.*
- *Аңгемедеги каармандарга мүнөздөмө бергиле.*
- *Текстке суроолорду түзгүлө.*
- *Аңгемени ролдоштуруп аткаргыла.*

**4-КАДАМ.** Топтор өздөрүнүн тапшырмаларын презентациялашат.

**Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү**

**“Ооба же жок карточкалары” техникасы**

**5-КАДАМ.** Окуучуларга алдын ала даярдалган экиден карточка таратыңыз. Анын биринде **“ООБА”**, экинчисинде **“ЖОК”** деп жазылат.

**“ООБА/ЖОК” КАРТОЧКАЛАРЫ**

**ООБА**

**ЖОК**

**6-КАДАМ.** Ырастоолорду окуп бериңиз, окуучулар ырастоолор туура болсо “ООБА” карточкасын, туура эмес болсо “ЖОК” карточкасын көтөрүшөт. Окуучулар ырастоолорду туура эмес атап алышса, окуучуларга кайтарым байланыш бериңиз.

**Окуучуларга берилүүчү ырастоолор**

| Ырастоолор | “ООБА”\“ЖОК” |
|---|---|
| 5. Чыгармадагы башкы каарманы Йоди.<br>6. Альманын атасы дайыма кызынын каалоосун аткара бербейт.<br>7. Башкы каарман өз окуяларын күндөлүгүнө жазып жүрөт.<br>8. Атасы Альма өз алдынча иш жасай алат деп ойлобойт. | |

| | |
|---|---|
| **огорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**Менин жаңы түсүм**

**1-ТЫНЫМ**

Ура! Каникул башталды! Биз көл жээкке барганы жатабыз. Негизи мен тоодо жөө сейилдегенди жакшы көрөм, бирок көл жээкте дагы көңүлдүү. Сууда сүзүү, серфинг, суу мотоциклдерин тебүү – дагы эмне кылса болот?

Тилекке каршы, мага кумда ойногонго гана уруксат беришти.

– Альма, кыздар үчүн деңизде ойногон өтө кооптуу, – деди атасы. Демейдегидей эле, мен каалаган нерсени жасаганга уруксат беришпейт.

Кымбаттуу күндөлүк! Менин каникулум көңүлсүз өттү. Мага кумда ойногонго гана уруксат беришти. Атам дайыма кыздар муну кыла албайт, тигини кыла албайт деп айтат. Ал менин өз каалоом бар экенин түшүнбөйбү?

Индонезиянын Көз карандысыздык күнү жакындап калды. Биз жакта адамдар бул күндү майрамдоо үчүн кооз дарбазаларды куруу менен алек болуп жатышат. Мен иш-чарага даярданууга катышып жатканыма кубанычтамын. Бетиме жана кийимиме боёк чачырап кетти. Баары жайында. Анан тазалап алам.

– Альма, көчөдө аябай ысык, бул жерде эмне кылып жүрөсүң? – деди атам күтүүсүздөн жаныма келип. – Дарбазаны сырдаганга жардам бергим келет, – дедим мен. – Жок, жок. Суранам, үйгө барып, бетиңди жуучу. Уфф. Демейдегидей эле, мен каалаган нерсени жасаганга уруксат беришпейт.

Кымбаттуу күндөлүк! Мен Көз карандысыздык күнүнө карата дарбазаларды сырдайын дегем. Абдан көңүлдүү болуп жаткан. Бирок мен аз гана жерди сырдап жетиштим. Анткени атам үйгө бар деп жөнөттү.

Эми мен бөлмөмдө отуруп дарбазаны көңүлдүү сырдап жаткандарды байкап гана тура алам. Ммм…Эгерде дарбазаны сырдай албасам, өз бөлмөмдү сырдасам болобу? Мен көптөн бери бөлмөмдүн дубалынын түсүн өзгөртүүнү ойлонуп келем. Мага дубалдын кызгылт түсү жакпайт.

– Дубалдын түсүн өзгөртүп эмне кыласың? Кыздарга, кызгылт түс жакпайбы? – деп таң калды атам. Мен башымды чайкадым. Мен түсүн өзгөрткүм келет. – Болуптур, кийинки жекшембиде агаң Йоди экөөбүз сенин дубалыңды сырдап беребиз.

**1-тынымдын суроолору.**

- *Аңгемедеги башкы каармандын аты ким?*
- *Альманын каникулу эмне үчүн көңүлсүз өтүп жатат?*
- *Эмне үчүн Альманын атасы дарбазаны сырдаганга уруксат бербеди деп ойлойсуңар?*
- *Альманын атасы бөлмөсүн сырдап береби?*
- *Альма кандай түскө өзгөртөт деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?*

**2-ТЫНЫМ**

Сен кандай түстү каалайсың? Чынында дубалды мен өзүм сырдагым келет. Бирок эң башкысы, менин бөлмөмдүн дубалы кызгылт болбошу керек.

Кымбаттуу күндөлүк! Жакында менин бөлмөмдө дубал башка түстө болот! Кайсы түстү тандасам? Сары же көк?

Бүгүн – жекшемби! Мен бул күндү бир жума бою чыдамсыздык менен күттүм.

Атамды жана Йодини күттүм, бирок алар келбей жатышат. Мен аларды издеп жүрүп, гараждан таптым.

– Суранам, сабыр кыла турчу, Альма. Мен Йодиге велосипед чынжырын кантип оңдошту үйрөтүп жатам, – деди атам.

– Эгерде сенин велосипедиңдин чынжыры үзүлүп кетсе, эми мен сага жардам берем, – деп кошумчалады Йоди.

Алар көпкө кармалышат. Болуптур. Мен дубалды өзүм сырдаганга аракет кылайын деп чечтим. Боёкторду аралаштырган кандай көңүлдүү. Мен көк, сары жана кызыл түстү аралаштырып баштадым. Эми менде кызгылт көк, жашыл жана кызгылт сары түстөр болот.

Капыстан бөлмөгө Йоди кирди. – Ой, эмнеге мени күтө турган жоксуң? Өзүм кыла алам деп ойлойсуңбу? Кел, мен сырдайын. – Өзүм сырдай алам! – деп кыйкырдым мен.

– Карачы, сен түстү текши кылбай койдуң – деди Йоди. – Жок – деп жооп бердим мен. – Эч нерсе эмес. Мен оңдоп алам. Бул оңой эле!

Бүттү! Бирок мен дубалдын төмөнкү жарымын гана сырдадым. Дубалдын жогору жагына жетпей койдум. Ушундай бойдон калтыра берем. Кызгылт менен кызгылт сары түстөрдүн айкалышы сонун көрүнөт.

Бирок мен дубалдар жөнөкөй көрүнүшүн каалабайм. Мен фигураларды жана түстөрдү айкалыштыргым келет. Үч бурчтук кандай болот? Ар кандай өлчөмдөгү тегеректерди кайда тартсам?

– Альма, сен эмне кылып жатасың? Бул фигуралар даана эмес, – деди Йоди. – Бул менин чыгармачылыгым, – деп жооп бердим мен. – Күтө тур, анан көрөсүң. Баары эң сонун болот!

2-тынымдын суроолору:

- Альма күндөлүгүнө эмне деп жазды?
- Альманын атасы менен агасы Йоди бөлмөсүн сырдап бергени келиштиби?
- Альма бөлмөнү кандай түскө боеду?
- Окуя кандай уланышы мүмкүн?

**3-ТЫНЫМ.**

– Кел, дубалыңды мен эле сырдап берейин! – деди Йоди чыдабай кетип. – Жок! Мен өзүм жасагым келет! Мен бөлмөмдү карадым. Бут чачык. Бардык жерге боёк чачыраптыр.

Апам келип калды! Ал Йодини жыйна деп айтты. – Апа, мени менен сүрөт тарткыңыз келеби? – деп сурадым мен. Апам кубануу менен баш ийкеди. – Үч бурчтук кандай болушу мүмкүн?

– деп сурады ал. – О, мен билем! Тегеректер кандай болушу керектигин дагы билем. Апа, бул кандай болду?

Бир кезде бөлмөгө атам кирди. – Ай-ий, бөлмөңдүн дубалы сонун болгон го, Альма, – деди ал. Өзүң жасай аласың деп ойлогон эмесмин. Азырынча бүтө элексиңби? Жардам керекпи? – Коё тургула! Атам дубалдын жогорку жагын сырдай алат.

– Альма, сенин дубалдарыңды сырдоого кошулсам болобу? – деп сурады Йоди. – Сенде кандай идея бар? – Жылдыз тартсак кандай болот? Мен жылдыз тарта алам. Бул тууралуу кандай ойлойсуң? – Бирок менде жылдыздар бар да, – деп жооп бердим мен. – Мен дагы көбүрөөк жылдыз тартайын! – деди кубануу менен Йоди.


Сонун!

Бүгүн мен бактылуумун! Бөлмөмдүн дубалы жаңы түскө боёлду! Бул жумуштун жарымын өзүм аткардым! Мен жардам бергени үчүн атама, апама жана Йодиге ыраазычылык билдирдим. Карасаң, менин жаңы түстөрүм кандай болду деп ойлойсуң?

**3-тынымдын суроолору:**

- Альма бөлмөсүн өзү сырдай алдыбы?
- Апасы, атасы жана Йоди Альмага кандай жардам беришти?
- Атасы эмне үчүн Альма өзү сырдай алат деп ойлогон эмес? (ишеним болгон эмес)
- Башкы каарман эмне үчүн окуянын акырында бактылуу болду?
- Кандай жаңы түстөр пайда болду деп ойлойсуңар?

# №9 аудиокитеп. Сенин үй-бүлөң кандай?

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Автор:** Элеонора Прояева<br>**Которгон жана адаптациялаган:** Талгат Деркембаев<br>**Класс:** 3-класс, деңгээли: 3.1 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, Мен жана дүйнө |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>– тексттеги бейтааныш сөздөрдүн маанилерин айтып беришет;<br>– каармандарга тиешелүү сын атоочторду жана кыймыл-аракетти билдирүүчү сөздөрдү тексттен табышат;<br>– чыгарманын мазмунун суроолордун негизинде ырааттуу айтып беришет;<br>– үй-бүлөнүн маанилүүлүгү тууралуу тыянак чыгарышат |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | ■ “Кластер”<br>■ “Бекеттер боюнча орун алмашуу” стратегиясы<br>■ “Тыянак чыгаруу” |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Жекече, жупта иштөө |
| **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** | |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:** | **1-КАДАМ.** Окуучуларды сабакка активдештирүү үчүн «Ынтымактуу үй-бүлө кандай болот?» деген суроонун негизинде жалпы класс менен биргеликте кластер түзүңүз. Тиркемени караңыз.<br><br>**2-КАДАМ.** Теманы божомолдоо үчүн төмөнкү суроону берип, окуучулардын ойлорун угуңуз.<br>■ **Балдар, бүгүн эмне жөнүндө сөз кылышыбыз мүмкүн?** |

<table>
<tr><td></td><td>

**3-КАДАМ.** Сабак башталганга чейин төмөнкү картинаны доскага илип, сөздөрдү жазып коюнуз. Сөздөрдү окуп, сүрөттөгү каармандар кайсыл жерде, кимдин жанында турганын айтып берүүсүн сураныз. *Мисалы, Бул арс чычкан. Арс чычкан кескелдириктин жанында турат. Ал Эликти карап турат.*

***Сөздөр: Арс Чычкан, Элик, Кескелдирик, Бала Бака, Кара Чымчык, Кулактуу Кирпи, Кекилик***



Ушундай тартипте окуучулар менен биргеликте сөздүк жумушун жүргүзүп алыңыз да төмөнкү суроо менен кайрылыңыз.

– **Балдар, кандай ойлойсуңар ушул ар түрдүү жан-жаныбарлар баары ынтымактуу үй-бүлө болуп жашашы мүмкүнбү?**

</td></tr>
<tr><td colspan="2">

**Текстти угуу учурундагы тапшырмалар**

</td></tr>
<tr><td></td><td>

**4-КАДАМ.** “**Сенин үй-бүлөң кандай?**” аудиокитебин угуп, мааниси түшүнүксүз болуп калган сөздөрдү жазып чыгышсын.

– Угуп бүткөндөн кийин бейтааныш сөздөрдүн маанилерин чечмелеп, жупто топто талкуулаңыз.

</td></tr>
<tr><td colspan="2">

**Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр**

Тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.

</td></tr>
<tr><td>

**“Бекеттер боюнча орун алмашуу”**

</td><td>

**5-КАДАМ.** Окуучуларды 3 топко бөлүштүрүңүз. Ар бир топ бир бекеттен бир бекетке орун алмашып, бекеттердеги тапшырмаларды аткара турганынын түшүндүрүңүз.

**Мугалимдин сөзү:** *Балдар, биз бекеттер боюнча орун алмашып, бекеттерде берилген тапшырмаларды аткарабыз. 1-топ, алгач, 1-бекеттин тапшырмасын аткарып, андан кийин 2-бекетке өтөсүңөр. Ар бир бекетте иштөөгө 6-7 мүнөт гана убакыт берилет. Калган топтор да ушундай тартипте аткарасыңар.*

**1-бекеттин тапшырмасы.** Төмөнкү сөздөрдү маанилерине дал келтирип, чечмелеп чыгармадан мисал келтирип айтып беришсин (3-тиркеме тиркелет).

**2-бекеттин тапшырмасы.** Каармандарга тиешелүү болгон сын атооч сөздөрдү таап, таблицаны толтурушсун.

</td></tr>
</table>

| Арс Чычкан | Элик | Кескел-дирик | Бала Бака | Кара Чым-чык | Ку-лактуу Кирпи | Кеки-лик |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

**3-бекеттин тапшырмасы. К**аармандарга тиешелүү болгон кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү таап, таблицаны толтурушсун.

| Арс Чычкан | Элик | Кескел-дирик | Бала Бака | Кара Чым-чык | Ку-лактуу Кирпи | Кеки-лик |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

***Эскертүү:*** *Бекеттерге сунушталган тапшырмалар ватмандарга таблица түрүндө мугалим тарабынан даярдалып коюлуусу керек.*

**6-КАДАМ.** Таблицанын толтургандан кийин топтордун презентациясын угуңуз. Топтор бири-бирине суроо беришсин.

**Чыгарманын мазмунун ыраттуу айтып берүү**

**7-КАДАМ.** Төмөнкү суроолорго таянуу менен чыгарманын мазмунун айтып беришсин. Жупта бири-бирине айтышсын, андан кийин топто айтышсын.

**Суроолор:**

– Окуя кантип башталды?
– Каармандарды кантип сүрөттөдү? (Кескелдириктин куйругу узун, Арс Чычкандыкы кыска болчу)
– Бала Бака эмне кылды?
– Эмне үчүн Бала Бакага бир нерсе жетпегендей боло берди?
– Бала Бака эмнелери сагынды?
– Анын үй-бүлөсү кандай эле?

**Чыгарманы баалоо**

**8-КАДАМ.** Чыгарманы баалоо үчүн төмөнкү суроолорго жооп жазышсын.

– Чыгарма эмнеси менен жакты?
– Сен үчүн Бала Бака үй-бүлөсүнүн эмнеси маанилүү болду?
– Башка үй-бүлөлөрдөн эмнеси менен айрымаланат?

**Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү**

**“Тыянак чыгаруу” техникасы**

**9-КАДАМ.** Тексттин мазмунуна кайсы макал дал келет деп ойлойсуңар? Тыянак чыгырып, пикирлериңерди билдиргиле.

– Ырыс алды ынтымак.
– Ынтымактуу үй-бүлөнүн ырыскысы түгөнбөйт.
– Биз ар түрдүүбүз жана окшошпуз.
– Өз үйүң, өлөң төшөгүң.
– Ар кимдин өз өзгөчөлүгү бар.

**Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:**

https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**Сенин үй-бүлөң кандай?**

Тоолордо өскөн токойдогу кепеде Арс Чычкан, Элик, Кескелдирик, Бала Бака, Кара Чымчык, Кулактуу Кирпи жана Кекилик жашашчу. Алар бири-бирине таптакыр окшобосо да, чогуу жашачу. Алардын жеген тамагы да ар түрдүү. Айрымдары түнкүсүн уктап, күндүзү азыгын таап келишчү. Кээ бирлери күндүз уктап, түнкүсүн аңчылык кылышчу. Бирөөлөрү тынчы жок болсо, дагы башкалары бар же жок экени билинбей, тынч жашачу.

Кекилик менен Кара Чымчык учуп жүрүшчү. Кескелдирик менен Кирпи сойлоп жүрүшчү. Элик бадалдарды аралап жүргөндү жакшы көрчү. Бала Бакага дарыянын жээгинде сууну чалпылдатып сүзгөн жакчу. Арс Чычкан шалбаада чуркап, ийинине кирип-чыгып жүрө берчү. Алардын куйруктары да ар кандай эле. Кескелдириктин куйругу узун, Арс Чычкандыкы кыска болчу.

Кара Чымчык менен Кекилик үлпүлдөгөн канат-куйруктуу болсо, Арс Чычкан менен Элик түктүйүп, жүндүү болчу. Кескелдирик менен Бала Баканын териси кабырчыктуу боло турган. Ал эми Кирпи тикендүү эле. Алардын колдору, баштары, үндөрүнө чейин ар түрдүү. Бирок алар бир үй-бүлө болуп жашап, бири-бирине өтө ынак эле.

Бул жаныбарлар жаздын, жайдын жана күздүн ар бир күнүн чогуу узатышчу. Адатта алар күн батар кезде алачыктын ортосуна чогулушуп, кимиси кайда болгонун, эмне көргөнүн, кимдер менен жолукканын айтып беришчү. Бул кечки тамактын убагы болчу. Ар бири өзүнүн азыгын: чегирткелерди, коңуз жана чиркейлерди, дан, мөмө-жемиш, кичинекей чыбыктарды, тоо чөптөрүнүн таттуусун алып келишчү. Алар азыгын бири-бири менен бөлүшүп жешчү.

Кышында Арс Чычкан, Кирпи, Бака жана Кескелдирик чээнге уктаганы киришчү. Башкалары аларга тоскоолдук кылбай, аларды тынч уктап алсын деп күзөтүшчү.

Күндөрдүн биринде Бала Бака дарыянын жээгиндеги кепеден өтө алыстап кетти. Ал мажүрүм талдын түбүнөн өзүнө окшогон жашыл бакаларды көрдү. – Сен кимсиң? Кайдан келген немесиң? – деп Чоң Бака андан каадаланып сурады. – Мен тээтиги токойдун четиндеги кепеден келдим, – деди Бала Бака.

– Мен ал жерде ар кимдин аралашып жашап жүргөнүн билем. Сен бакалар менен чогуу жашашың керек. Мейли эми, келип калган экенсиң. Ушул дөбөгө отуруп, чыныгы бака болгонду үйрөн. Бакача чардаганды жана чиркей кармаганды унутуп калганыңды көрүп турам, – деди. Ошентип, Бала Бака бир жума бою жашыл бакалардын арасында жүрүп калды. Ал жакшы окуп, Чоң Баканын айтканы менен болду. Туура чардап, чиркейлерди туура кармаганды үйрөндү. Жашыл бакалар эми аны жерибей, үй-бүлөсүнө кабыл алышты. Алар бирдей чардашты, бирдей аңчылык кылышты. Бардыгы бир түстө болушту. Алар «эң семиз чиркейлер жана чымындар кайда?» деген бир эле ырды ырдашчу.

Бирок Бала Бакага бир нерсе жетишпей жатты. Эмне экенин ал дароо түшүнө алган жок. Бир жолу түн ичинде баары уктап, тынч болуп калганда, Кескелдирик менен Кирпинин түнкүсүн кыбыраганын, Кара Чымчыктын таңкы ыры жана Кекиликтин «ке-ки-лик» деген шаңдуу кайрыгын, Элик менен сүйкүмдүү Арс Чычканды эстеди. Ошондо эмне жетишпей жатканын түшүндү.

Бала Бакага кепеде ойнолгон кызыктуу оюндарды жана баары кечинде чогулуп отуруп ичкен ар түрдүү тамакты сагынды. Ал асман жана аскалар, шалбаа жана алыскы токойлор жөнүндө айтылган ар кандай окуяларды уккусу келерин сезди. Бала Бакага ар кандай түркүмдөн кошулган үй-бүлөсү керек эле. Алар ар кандай болушса да, бири-бирине ушунчалык керек экенин түшүндү.

Бала Бака сүйүктүү үй-бүлө керек экендигин билди. Ошентип, ал токойдогу кепесине кайра кайтып келди. Үйдө аны баары аябай күтүп жатышкан экен. Адаттагыдай эле, бири-биринен айырмаланып турган, жетөө тең ар башка түркүмдөн болгон үй-бүлө кечки тамакка чогулду.

***2-ТИРКЕМЕ***

## КЛАСТЕР

Идеяларды чагылдыруудагы графикалык уюштургуч. Кандайдыр бир тема боюнча идеяларды эркин жана бат чогултууга жардам берген педагогикалык ыкма. Ал бат унутулуп кала турган идеяларды графикалык түрдө кагаз бетинде белгилөөгө мүмкүндүк берет. Кластердин мүмкүнчүлүктөрү жана түрлөрү ар кандай: суроолор менен түзүлгөн кластер (идеялардын ордуна суроолор жазылат), табышмак кластер (кластердеги тема же өзүнчө түшүнүктөр толтурулбай, жазылбай калып кетет, боштуктарды толтуруу сабак учурунда окуучуларга аткара турган жумуш катары берилет.

**Ыкманын кадамдары:**

1. Тема тандап алат жана нны тактага же дептерге жазат.

2. Сунушталган бардык сөздөрдү, түшүнүктөрдү, ассоциацияларды талдабай, сындабай жазат. Идеялар теманын тегерегинде жазылып турат.

3. Жазып атып, түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыштарды аныктайт.

4. Берилген убакыт аяктаганча же идеялар түгөнгүчө жаза берет.

5. Кластерди окуучулар жекече даярдаган болсо, жупта талкууланат, андан кийин топко айтылат.

6. Кластерди алдыдагы иште кантип колдонуу жөнүндө ойлонуш керек.

Кластер тема боюнча оозеки презентация же иштин башка түрү үчүн негиз боло алат.

***Эскертүү**: кластер тууралуу материал «Окуучулардын функционалдык сабаттуулугун жогорулатуу жана баалоо» онлайн курсунун материалынан алынды.*

***3-ТИРКЕМЕ***

## «БЕКЕТТЕР БОЮНЧА ОРУН АЛМАШУУ» СТРАТЕГИЯСЫ

**1-бекеттин тапшырмасы. Төмөнкү сөздөрдү маанилерине дал келтирип, чечмелеп чыгармадан мисалдарды келтиргиле.**


Окуучуларга берилүүчү таблица.

| СӨЗДӨР | МААНИЛЕРИ |
|---|---|
| аңчылык кылуу | Бийик тоолуу жерде, деңиз жээктеринде өсүүчү чөптүн түрү. |
| шалбаа | Тамак таап, курсактарын тойгозуу үчүн жан-жаныбарларга кол салуу |
| бадал | Боз үйдүн бир түрү, жупуну тигилиши. |
| алачык | Бутактап өскөн өтө бийиктиги эмес көп жылдык өсүмдүк |

**Мугалим үчүн 1-тапшырманын туура жообу.**

| СӨЗДӨР | МААНИЛЕРИ |
|---|---|
| аңчылык кылуу | Тамак таап, курсактарын тойгозуу үчүн жан-жаныбарларга кол салуу |
| шалбаа | Бийик тоолуу жерде, деңиз жээктеринде өсүүчү чөптүн түрү. |
| бадал | Бутактап өскөн өтө бийиктиги эмес көп жылдык өсүмдүк |
| алачык | Боз үйдүн бир түрү, жупуну тигилиши. |

# №10 аудиокитеп. Музыканын ыргагында бийлөө

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Музыканын ыргагында бийлөө**<br>**Автор:** Сара Фаузия<br>**Которгон:** Каныкей Равшан кызы<br>**Класс:** 3-класс, деңгээли: 3.2 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, музыка, класстан тышкары окуу. |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>- чыгарманын мазмунун сүрөттүн негизинде божомолдошот;<br>- чыгарманын мазмунун жана маанисин ачып берүүчү суроолорго жооп беришет;<br>- тексттин бөлүктөрүн ырааттуулугуна карай туташтырышат. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | “Болжолдоочу суроолор”, “Чаташкан логикалык чынжырлар” |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Жекече, кичи топто иштөө, жалпы класс менен талкуу |
| **Текстти окуганга чейинки тапшырмалар** | |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:** | **1-КАДАМ.** Окуучуларга музыка коюп, өзүңүз да бийлеп, каалоочулар бийлегиле деп 2-3 мүнөт музыка коюңуз. Андан кийин төмөнкү суроолорду бериңиз.<br>– Ким бийлегенди жакшы көрөт? Эмне үчүн?<br>– Силерге кандай бийлер жагат?<br><br>**2-КАДАМ.** Окуучулар чыгарманы окуганга чейин китептин мукабасын көрсөтүп, төмөнкү суроолор менен кайрылыңыз:<br>■ *Чыгарма кандай аталат экен?*<br>■ *Китептин мукабасында кандай сүрөт тартылган?*<br>■ *Чыгарма эмне тууралуу болот деп ойлойсуңар?*<br> |

<table>
<tr><td></td><td>3-КАДАМ. Окуучулардын болжолдуу ойлорун доскага жазып коюңуз. Чыгарманы уккандан кийин кайсы ойлор дал келгендигин белгилеп коюңуз.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</td></tr>
<tr><td></td><td>4-КАДАМ. Окуучуларга “Музыканын ыргагында бийлөө” чыгармасын угузуңуз.<br><br>5-КАДАМ. Аидио китепти угуп бүткөндөн кийин доскада жазылган ойлорго дал келгенин белгилеп коюңуз.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Окуучулардын тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td></td><td>6-КАДАМ. Текстти уккандан кийин чыгарманын мазмунун түшүнгөнүн текшерүү үчүн төмөнкү суроолорду бериңиз<br>■ Окуя качан, кайсы жерде болуптур?<br>■ Башкы каармандар кимдер?<br>■ Ментари эмне максатта мектептин залына барды?<br>■ Эмне үчүн Ментари музыканын ыргагын так сезе албай жатты деп ойлойсуңар?<br>■ Тара менен Галу Ментариге кандай мамиле жасашты?<br>■ Ментаринин апасы ага кандай жардам берди?<br>■ Ментари башкалардан эмнеси менен өзгөчөлөнөт?<br>■ Бул чыгарма аркылуу автор эмнени айткысы келген?<br>■ Бул окуя силерге эмнеси менен жактыбы\ жаккан жокпу?<br>■ Силер бул каармандардын ордунда болсоңор эмне кылат элеңер? Эмне үчүн?</td></tr>
<tr><td>«Чаташкан логикалык чынжырлар»</td><td>7-КАДАМ. Чыгармадагы окуяларды 5-6 бөлүккө бөлүп, ар бир бөлүктү өз алдынча кыркып, бөлүктөрдү аралаштырып алдын ала даярдап коюңуз. (1-тиркеме)<br><br>8-КАДАМ Окуучуларды жуптарга же кичи топтордо (3-4окуучу) бөлүштүрүңүз. Ар бир топко бөлүктөргө бөлүнүп кыркылган абзацтарды таркатыңыз. Топтор чыгарманы талкуулап абзацтарды ирети менен жайгаштырышсын.<br><br>9-КАДАМ. Топтордо чыгарманын окуясын ырааттуулук менен иретке келтиришкен соң, аны аудиокитептеги текст менен салыштырышсын. Ал үчүн “Музыканын ыргагында бийлөө” аудиокитебин кайрадан угузуңуз.<br><br>10-КАДАМ. Окуучулардын бөлүктөрдү туташтырган тексттин текшерип, кайтарым байланыш жасаңыз.</td></tr>
</table>

| | |
|---|---|
| | **11-КАДАМ.** Окуучулар топтордо аткарган жумуштарын “Окуянын жарманкесин” уюштуруп, каананын ар кайсы жерине дубалга илип коюшсун.<br><br>**12-КАДАМ.** Топтор төмөнкү критерийлер менен бири-бирин баалап, топторго номинация беришсин.<br><br>**Топторду баалоонун критерийлери**:<br>■ Окуялардын бардык бөлүктөрүн ырааты менен туура коюшкан – “ Үлгүлүү топ”;<br>■ Окуялардын 3 бөлүгүн туура коюп, 1-бөлүгү туура эмес – “Мыкты топ”;<br>■ Окуялар баш аламан жайгашкан,бирок аракеттери бар – “Аракетчил топ”. |
| | |
| **“Жол чырагы” техникасы** | **13-КАДАМ.** Окуучуларга алдын ала даярдалган жашыл, сары кызыл түстөгү тегерекчелерди же стикерлерди таратыңыз. Андан кийин тегерекчелер эмне үчүн колдонуларын түшүндүрүңүз. Жашыл тегерекче “Мен баарын түшүндүм”, сары тегерекче “Көбүн түшүндүм, бирок суроолорум бар”, кызыл тегерекче “Түшүнбөй жатам, мага жардам керек” дегени билдирерин окуучуларга айтыңыз<br><br>**14-КАДАМ.** Алгач, кызыл тегерекче көтөргөндөргө көңүл буруп, аларга багыт берүүчү суроолорду бериңиз. Мисалы:<br>■ Эмне түшүнүксүз болуп жатат?<br>■ Сенде кандай суроо бар? ж.б.<br>Мисалдарды келтириңиз же үлгү көрсөтүңүз. Андан кийин сары тегерекче көтөргөндөргө кеп-кеңеш, комментарий бериңиз. Жашыл тегерекче көтөргөндөрдөн эмнени түшүнгөнүн айтып берүүсүн сураныңыз. Аларга да байкоо жүргүзүңүз. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

Эскертүү: Бөлүктөрдү кайчы менен кыркып даярдап алыңыз. Топторго таркатканда аралаштырып бериңиз.

**Музыканын ыргагында бийлөө**

**1-БӨЛҮК**

Оо! Карагылачы, булар кандай сулуу! Ментари бийчилердей болууну кыялданат. Жагымдуу бийлеп, көп адамдардын алдында өнөрүн көрсөткүсү келет.

Ментари алардай боло алабы? Бийлеген кыйынбы? Балким, Ментари өзүнүн мектебинде бий ийримине жазылса болот?

Эртеси Ментари мектеп залына жөнөдү. Ал досторунун тез бийлеп жатканын көрдү. Алардын кыймылдары так жана ийкемдүү. Оңго, солго, алдыга жана артка! Ал канткенде алардай бийлей алат? Ментари бийлегенди үйрөнүүгө аракет кылгысы келди. Ал залга чечкиндүү кирди. Тык тык! Ментари буттарында билинер-билинбес вибрацияны сезди! Ал өзүнүн жүрөгүнүн адаттагыдан тез кагуусун да сезип турду. Ментари өзү сезип жаткан вибрациянын ыргагы менен досторунун бийлеп жатышканын буттарынан байкады.

**2-БӨЛҮК**

– Салам, Ментари, бул ийримге жазылгың келеби? – деди Мисс Айя. – Ооба, аракет кылгым келет, – деп Ментари ага жаңдоо тилинде жооп берди.– деди Ментари чоң кара кутуну көрсөтүп. – Бул эмне? – Биз бул кутудан чыккан музыка менен бийлейбиз. Бул колонка, – деп түшүндүрдү мисс Айя.

Мисс Айя Ментариге бий кадамдарын көрсөтө баштады. – Эми муну чогуу жасаганга аракет кылалы-деп сунуштады Тара. – Кеттик! – деп, Галу бийди баштады.

Ментари бийлегенге даярданды. Бир маалда ал кыздардын бийлей башташканын байкады. – Апей, музыка башталдыбы? – деп сурады Ментари түшүнбөй.

Ментарри топ менен бийлегенге аракет кылды. Бирок эмнегедир анын кыймылы топтогу кыздардын кыймылына окшобой, башкача болуп жатты.

– Эч нерсе эмес, Ментари. Эртеби-кечпи, сен бул кыймылдарды үйрөнөсүң, – деп Тара досун колдоду. Уялып, көңүлү чөккөн Ментари залдан чыгып кетти.

**3-БӨЛҮК**

Бали бийинин коoздугун Ментари эсинен чыгара алган жок. Ал сыналгыдан көргөн кооз кийинген сулуу бийчилердин элеси анын көз алдына тартыла берди. – Мен дагы бир жолу аракет кылышым керек! Ментари залга кайтып келип, кыздар менен бир ыргакта бийлегенди үйрөнгүчө, талыкпастан машыкты.

Тык тык… Ментари музыканын вибрациясын жакшы сезүү үчүн көзүн жумуп алды. Бирок ал ойлогондой болгон жок! Ментари курбуларына урунуп алды!

– Көзүңдү ач, Ментари! – деди Галу күлүп. Дагы жакшы, Тара менен Галу ага түшүнүү менен мамиле кылышат.

Колонка Ментариден өтө алыс турат. Ал музыканын ыргагын так сезе албай жатты. Ментари музыка ыргагын жакшы сезүү үчүн колонканы жакындатууга аракет кылды. – Оой, кандай оор!

– Бир, эки, үч! Көтөрдүк! Курбулары Ментариге колонканы көтөрүүгө жардам беришти.

Кыздар кайра машыга башташты. Мисс Айя Ментариге качан бийлей баштоо керек экенин белги менен көрсөтүп жатты. Мугалимдин белги бериши – Ментариге чоң жеңилдик! Колонка жиберген вибрация аркылуу Ментари музыканы буттары менен сезет, жүрөгү менен угат, ошол ыргак менен бийлейт.

**4-БӨЛҮК**

Ментари окуусун үйдөн да улантып жатты. Апасы ага музыканын ар кандай темпи жана ыргагы болорун айтып берди. Ментари аларды сезип жатты. Ментари бийик, төмөн, катуу, жумшак дабыштарды сезе билет. Ментари музыканын ыргагынын өзгөрүшүн, жайланышын жана тездешин айырмалап сезет. Ал бий менен машыкканын улантууда. Анын кыймылдары музыканын ыргагын кайталайт.

Тык тык… Бүгүн маанилүү күн. Ментари музыканын вибрациясын буттары менен сезет. Ал музыканын ыргагын жүрөгү менен кабыл алат.

– Бир, эки, үч. Гүлдөр чачылат! Баары Ментаринин оюндагыдай болду!

# №11 аудиокитеп. Жаңы бала

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Жаңы бала**<br>**Автор:** Элеонора Прояева<br>**Которгон жана адаптациялаган:** Талгат Деркембаев<br>**Класс:** 3-класс, деңгээли: 3.1 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, класстан тышкары окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>– укканган чейинки билимдерин активдештиришет;<br>– чыгармадагы негизги ойду аныкташат;<br>– сюжеттин бөлүктөрүн бөлүп алышат**.**<br>– мүмкүнчүлүгү чектелген (угуусу, көрүүсү начар) балдарга кандай мамиле жасоо туура экендигин айтып беришет. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | “Тыным менен окуу” ,“Кол”( “Беш манжа”) ыкмасы |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Топто иштөө, жалпы класс менен талкуу |
| **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** | |
| АТКАРУУ КАДАМДАРЫ: | **1-КАДАМ.** Мугалим “Жаңы бала” деген аудиокитепти укканга чейин окуучуларды активдештирүү жана ой жүгүртүүсүн өстүрүү максатында төмөнкү суроолор менен кайрылат.<br>**Суроолор:**<br>■ Чыгарма “Жаңы бала” деп аталса эмне жөнүндө болушу мүмкүн?<br>■ Төмөнкү сүрөттөрдү карагыла чыгарманын мазмуну кандай болушу мүмкүн? Божомолдогула.<br>   <br>**2-КАДАМ. Сөздүк менен иштөө.** Төмөнкү сөздөр менен тааныштырып, маанилерин чечмелеп түшүндүрүп бериңиз.<br>**Макоо –** келесоо, айтканды түшүнбөгөн, кем акыл |

<table>
<tr><td></td><td>Кулакчын – кулакка тагып музыка, кино, аудио уга турган буюм<br>Мүдүрүлүп жыгылуу – буту бир нерсеге тийип чалынып жыгылуу<br>Угуу шайманы – угуусу начар адамдар үчүн атайын жасалган апарат<br>Композитор – музыкалык чыгармаларды түзүүчү адам.<br>Гүлзар – түрдүү гүлдөр тигилген жер.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</td></tr>
<tr><td></td><td>3-КАДАМ. “Жаңы бала” аудиокитебин тыным менен угузуңуз. Ар бир тынымда токтоп, суроолорду бериңиз. (1-тиркемеде көрсөтүлгөн).<br>Ар бир тынымда мугалим окуучуларга тексттин мазмунун түшүнүүгө багытталган суроолорду берүү менен угузат. Тексттин мазмунун жана маанисин түшүнүү текстти угуу менен биргеликте жүрөт.<br><br>4-КАДАМ. Текстти угуп бүткөндөн кийин мугалим төмөнкү суроолор менен кайрылат:<br>■ Чыгармадагы башкы каармандын мүнөзү кандай?<br>■ Эмне үчүн ал жаңы келгенде эле балдарга жакшы укпай тургандыгын айткан жок деп ойлойсуңар?<br>■ Бул чыгармадагы негизги идея эмне?<br>■ Жакшы укпаган балдарга кандай мамиле жасоо керек?</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td></td><td>5-КАДАМ. Окуучуларды 3-4 топко бөлүштүрүп алыңыз. Ар бир топ «Кол» формасын толтурууну түшүндүрүңүз (2-тиркеме).<br>Колдун беш манжага төмөнкү суроолорго жооптор жазышат.<br>■ Чыгарманын негизги идеясы кандай? Же автор бул чыгарма аркылуу эмнени айткысы келген?<br>■ Чыгарманын аталышы кандай? Анын автору ким?<br>■ Окуянын болгон жери (каерде?), убактысы (кайсы мезгилде?) качан?<br>■ Кандай каармандар катышкан? Башкы каармандар ким?<br>■ Окуядагы негизги көйгөй эмне? Ал кандай чечилди?<br><br>6-КАДАМ. Толтурулган формаларды презентациялашат.</td></tr>
</table>

| Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү | |
|---|---|
| **“Жыйынтыктоочу суроолор”** | **7-КАДАМ.** “Беш манжаны” талкуулап бүткөндөн кийин окуучуларга төмөнкүдөй суроолор менен кайрылыңыз.<br>– Чыгармадагы кайсы каарман жакты? Эмне үчүн жакты?<br>– Эгерде сен Ринаттын ордунда болгондо эмне кылат элең?<br>– Бул чыгармадан кийин сенде кандай ой пайда болду?<br><br>**8-КАДАМ.** Окуучулар суроолорго жооп бергенде чыгарманы кандай түшүнгөнүн байкап туруңуз. Эгерде чыгарманын негизги оюн түшүнүүдө кыйынчылыктар байкалса кайтарым байланыш жасап, чыгарманы үйдөн кайра окуп, “Беш манжаны” жекече толтуруп келүүсүнө тапшырма бериңиз. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

## ТЫНЫМ МЕНЕН ОКУУ

**Жаңы бала**

Бизге кошуна болуп бир үй-бүлө көчүп келди. Алар атасы, апасы жана баласы болуп үчөө экен. Баласы мени менен тең окшойт.

Биздин үйдүн короосу бар. Бул короодо досторубуз менен чогулуп ойнойбуз. Жети кыз жана төрт эркек бала. Жаңы баланы көргөндө, биз кубандык. Топ ойносок болот. Кылыч менен чабыша алабыз, видео оюндарын ойнойбуз.

Мына, жаңы келген бала короого чыкты. – Салам! Сенин атың ким? – деп ага кыйкырдым. Ал жылмайып, башын ийкеп коюп, кетип калды. – Эй, сен кайда баратасың? – деп Арслан да артынан кыйкырды. Жаңы келген бала үйдүн бурчунан бурулуп, көрүнбөй калды.

– Кызык бала го? Макоо го? – деди Лёша. – Балким, ал аябай акылдуу болуп жүрбөсүн. Ха-ха, – деп Феликс каткырды. – Көрдүңөрбү! Анын көтөрүп чыккан папкасын карасаңар? Мындай нерсе биздин эч кимибизде жок да.

**1-ТЫНЫМ**

Суроолор:

- *Чыгарманын башталышында кандай үй-бүлө кошуна болуп келди?*
- *Балдар, өздөрүнүн короосунда кандай оюндарды ойношот?*
- *Арслан жаны баланы кыйырып чакырса да эмне үчүн унчукпай кетип калды деп ойлойсуңар?*
- *Леша эмне үчүн жаны баланы «макоо» деп жатат деп ойлойсуңар? Бул айтканы туурабы?*
- *Анын папкасында эмне болушу мүмкүн?*

Эртеси да кечээги көрүнүш кайталанды. Жаңы келген баланы чакырсак, ал унчукпай өз иши менен кетип калды. Бою анча узун эмес, чачы сары, көзү көк бала экен. Тегерек көз айнек тагынып, ачык түстөгү күрмө кийип алыптыр. – Анын сонун кулакчыны бар экенин көрдүңөрбү? Бир кулагына гана тагылып, кыска да экен. Мен да атама айтып, ушундай саттырып албасамбы! – деди Арслан.

Биздин короонун ортосундагы эски бактын түбүндө стол турчу. Чоңдор анын үстүндө шахмат ойношчу. Же жөн гана гезит окуп, сүйлөшүп отурушчу. Биз да ал жерде сүрөт тартып ойночубуз. Кээде жөн эле кыздар менен короону айланып, кубалашмай же башка оюндарды ойночубуз.

Кыздар жаңы келген баланы карап шыбырашып: – Мунун папкасында эмне бар? Балким, ал музыкалык мектепке барат? – деп жоромолдоду Соня. – Ооба десең, албетте! Музыкант! Композитор! – деп Гүлназ күлдү. Бирок эч ким ага жакын барууга батына алган жок. Ошентип, арадан бир жума өттү.

– Келгиле, бул баланы бутунан чалып жыгып көрөлү? Балким, ошондо ал бизди көрөр? – деп сунуштады Арслан. Ишемби күнү эртең менен, кайрадан жаңы келген баланы көрдүк. Ал

колуна бир папканы көтөрүп алып, кире бериштен чыгып баратыптыр. Арслан анын жолун тороп, байкабай бутун тийгизип алган кишиге окшоду. Жаңы келген бала мүдүрүлүп жыгылып түштү.

**2-ТЫНЫМ**

Суроолор:

- *Автор жаны келген баланы кандай сүрөттөдү?*
- *Арслан жаны келген баланын эмнесине кызыкты?*
- *Кыздар эмне үчүн аны музыкант, композитор деп ойлошту?*
- *Жаны келген бала эмне үчүн жыгылып түштү?*
- *Кандай ойлосуңар, эми жаны келген бала эмне кылышы мүмкүн? Окуя кантип уланышы мүмкүн?*

Көз айнеги да ыргып кетти. Папкасы колунан учуп, ичиндеги кагаздар туш тарапка чачылды. Биз бардыгыбыз каткырып жибердик.

– Бул бала сүрөтчү турбайбы! Тур, Айвазовский! – деп Лёшка кыйкырды.

Ушундан кийин баарыбыз ак кагаздарды чогултууга кириштик. Биз сүрөттөрдөн биздин короону, бактын түбүндөгү столду, Арсланды, Лёшканы, Феликсти жана кыздарды көрдүк. Таш жарып жаткан күлкүбүз дароо токтоду.

Жаңы келген бала жерден жай күбүнүп туруп, көз айнегин тагынды.

**3-ТЫНЫМ**

Суроолор:

- *Анан папкасында кандай сүрөттөр бар экен?*
- *Эмне үчүн балдар күлкүсүн дароо токтотту деп ойлойсуңар?*
- *Балдар ага кандай мамиле жасашы мүмкүн?*

– Бул мен… А бул Гүлназ… Бул биздин гүлзар(гүлбак) турбайбы… – деп Соня кызарып-татарып кетти.

– Ушунчалык кооз тарткан экен…

– Окшошот бекен? – деп сурады жаңы келген бала.

– Сенин атың ким?

– Менин атым Ринат. Буларды мен тарттым, – деди.

– Менин атым Соня. Сенин сонун кулакчының бар экен, ээ?

– Бул кулакчын эмес. Бул угуу үчүн атайын шайман. Мен бул шаймансыз жакшы укпайм, – деди.

Балдар менен Ринаттын кагаздарын чогултуп, кылдаттык менен папкага салдык.

– Мына, – деп Арслан папканы Ринатка сунду.

– Менин атым Арслан. Кечирип койчу, – деди ал.

– Феликс.

– Лёша.

– Али-Аскар, – деп балдар да өздөрүн аттарын айтып, таанышып жатышты.

Ошентип, биздин арабызга жаңы дос келип кошулду. Ал сүрөтчү гана болбостон, эң мыкты жигит да экен.

**4-ТЫНЫМ.**

Суроолор:

- *Жаны баланын аты ким экен?*
- *Ал кулагындаргы кулакчын бекен?*
- *Арслан эмне үчүн Ринаттан кечирим сурады деп ойлойсуңар?*
- *Ринат кандай бала экен?*
- *Балдар Ринатты атайын чалып жыгытканы туурабы?*
- *Силер балдардын ордунда болгондо эмне кылат элеңер?*

***2-ТИРКЕМЕ***

**КОЛ**[3]

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

Окуучулар чыгармадагы негизги ойду аныкташат;

• сюжеттин бөлүктөрүн бөлүп алышат**.**

**1-кадам.** Окуучулар чыгарма (текст же китеп) менен таанышышат**.**


**2-кадам.** Тексттен алынган маалыматтын негизинде «Кол» формасын толтурушат.

**3-кадам.** Мугалим окуучулар менен бирге толтурулган формалардын варианттарын талкуулашат. Эскертүү: топтор менен иштөөдө түстүү стикерлерди колдонсо болот. Доскага окуучулардын аткарган иштерин илип, алардын ичинен эң ылайыктуу вариантын талкуулашат. 8-тиркемеде өз алдынча толтуруу үчүн «Кол» формасы берилген.




3 Келгиле, окуйбуз! Окуганын түшүнүү

# №12. аудио китеп. Көрүнбөс кыз

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Көрүнбөс кыз**<br>**Автор:** Шахло Алавова<br>**Которгон жана адаптациялаган:** Талгат Деркембаев<br>**Класс:** 3-класс, деңгээли: 3.2 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, класстан тышкары окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>- тексттин мазмунун божомолдошот жана салыштырышат;<br>- чыгармадагы негизги ойду аныкташат;<br>- чыгарманын сюжетин айтып беришет.<br>- уялчаак, тартынчаак, шайыр мүнөздөрдүн күнүмдүк жашоого тийгизген таасири тууралуу айтып беришет. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | "Сүйлөмдөрдү толуктоо", "Сюжеттик сызык" |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Топто иштөө, жалпы класс менен талкуу |
| **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** | |
| АТКАРУУ КАДАМДАРЫ: | **1-КАДАМ.** Мугалим "Көрүнбөс кыз" деген аудиокитебин укканга чейин окуучуларды активдештирүү жана адамдардын түрдүү мүнөздөрүн ачып берүү максатында төмөнкү суроолор менен кайрылып, кластер түзүңүз.<br>**Кластер:**<br>■ Балдар, силер адамдардын кандай мүнөздөрүн билесиңер?<br><br>**2-КАДАМ. Сөздүк менен иштөө.** Төмөнкү сөздөр менен тааныштырып, маанилерин чечмелеп түшүндүрүп бериңиз.<br>**Уялуу менен тартынуу** (синоним сөздөр) **–** бирөөнүн, көпчүлүктүн алдында ыңгайсыз, оңтойсуз абалда калуу, тартынуу.<br>**Ишенимдүү –** ишеним сезими<br>**Боорукер –** кайрымдуу, мээримдүү адамдын көңүлүн калтырбага**н** |

<table>
<tr><td></td><td>3-КАДАМ. Окуучуларды чакан 3-4 топко бөлүштүрүңүз. Топтор төмөнкү сүйлөмдөрдү толукташсын.<br>1. ____ _________ – класстагы эң шайыр окуучулар.<br>2. Мен _________ , бирок аларды айткандан уялам.<br>3. Эч ким бүгүн менин да туулган күнүм ____________.<br>4. Түнт, көрүнбөс кыздан эми минтип класста _____, _________ кызга айландым.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</td></tr>
<tr><td></td><td>4-КАДАМ. “Көрүнбөс кыз” аудиокитебин угузуңуз. Угуу учурунда толуктаган сүйлөмдөрү менен салыштырып, айрымачылыктарын белгилеп отуруусун айтыңыз. (1-тиркеме).<br><br>5-КАДАМ. Текстти угуп бүткөндөн кийин мугалим төмөнкү суроолор менен кайрылат:<br>■ Кайсы топтун сүйлөмдөрүндө мааниси жактан абдан жакын вариант бар?<br>■ Сүйлөмдөрдө кандай айрымачылыктар бар?<br>■ Мээримдин мүнөзү кандай?<br>■ Уялчаак, тартынчаак мүнөздөрдүн жашоого кандай таасирлери бар?<br>■ Биздин класста кандай мүнөздөгү окуучулар бар деп ойлойсуңар?</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td></td><td>6-КАДАМ. Окуучулар тексттен алынган маалыматтын негизинде «Сюжеттик сызык» формасын толтурушат. Алардын ар бирине «Сюжеттик сызык» формасын А4 барагына даярдап бериңиз. Жекече толтурушсун. Андан жупта, топто талкуулашсын (2-тиркемеде өз алдынча толтуруу үчүн «Сюжеттик сызык» формасы берилген.).<br><br>7-КАДАМ. Окуучулар менен бирге толтурулган сюжеттик сызыктын варианттарын талкуулаңыз.<br>Эскертүү: топтор менен иштөөдө түстүү стикерлерди колдонсо болот. Доскага окуучулардын сюжеттик сызыкка (траекторияга) ылайык аткарган иштерин илип, алардын ичинен эң ылайыктуу вариантын талкуулашат.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү</td></tr>
<tr><td>“Мүмкүн\ мүмкүн эмес”</td><td>8-КАДАМ. Окуучулар “Мүмкүн\ мүмкүн эмес” таблицасын толтурушсун. Ал үчүн төмөнкү берилген ойлорду, таблицанын кайсы тарабына туура келе тургандыгын аныктоо керек</td></tr>
</table>

<table>
<tr><td></td><td>
<table>
<tr><th>МҮМКҮН</th><th>МҮМКҮН ЭМЕС</th></tr>
<tr><td></td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2">Ойлор:<br>■ Сабакта билгенин айтпай уялып отура берүү.<br>■ Өз оюн тартынып, айтпай коюу.<br>■ Жаман сөз айткандан уялуу.<br>■ Дайыма шайыр жүрүү.<br>■ Бирөөнүн кемчилигин шылдыңдоо.<br>■ Сырткы келбетине карап мамиле кылуу<br>■ Өз оюн ачык айтуу.<br>■ Жакшы ишке алгач кадам таштоо ж.б.</td></tr>
</table>
</td></tr>
<tr><td>Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:</td><td>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet</td></tr>
</table>

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**Көрүнбөс кыз**

Жибек менен Айбек – класстагы эң шайыр окуучулар. Алар менен балдардын баары дос болгусу келишет. Балдар кезектешип, Йети тууралуу коркунучтуу окуяны айтып жатышат. Ал эми бул бурчта турган менмин. Менин атым Мээрим. Мен танаписти жаман көрөм. Анткени мени менен эч ким ойнобойт. Мен деле көптөгөн кызыктуу окуяларды билем. Бирок мен аларды айткандан уялам.

– Айлананын аянтын кантип тапса болот? – деп сурады мугалим. Мен жообун билчүмүн. Колумду чала-була көтөрдүм. Мугалим мени байкабай, Айбектен сурады.

Дене тарбия сабагында балдар футбол ойношту. Жибек дарбазага көп гол киргизди. А мен болсо кошумча оюнчулар отурган отургучта отурдум. Мен начар ойноп, команданы артка тарткым келбейт.

Жибек мектепке мала-кызыл жалтыркаптуу, маршмеллоу кошулган торт алып келди. Бүгүн анын туулган күнү болчу. Ал бардыгыбызды торт менен чай ичүүгө чакырды.

Эч ким бүгүн менин да туулган күнүм экенин эстеген жок. Мен аябай капаланып, жалгызсырай түштүм. Мен чай ичкенге барган жокмун. Ушул жерден тез эле кетип калгым келди.

Сабак бүтөрү менен, мен үйгө шашылдым. Таарынычымды апама айтып бердим. – Кызым, кандай болгон күндө да биз сени аябай жакшы көрөбүз. Ар дайым маанайыңды көтөрүп жүр. Сен, сөзсүз, балдар менен достошосуң. Өзүң биринчи кадам жасасаң, классташтарың да көңүл бурат, – деди апам мени бооруна кысып.

Кечинде торттогу чырактарды үйлөп өчүрүп, курбуларым болсо экен деп тилек кылдым.

Кийинки күнү биздин класска жаңы окуучу келди. Анын аты Ким экен. Мен ага жылмайып койдум. Эски кийим кийип келгендиги үчүн балдар аны менен достошкусу келген жок.

– Карасаңар! Мунун кийген кийими кызыктай экен. Ким деген да ат болобу? Аты да кызыктай экен! Бирөө “Ким?” деп сурап жаткансып, – деп Айбек танаписте классты жаңырта катуу сүйлөдү. Менден башка балдардын баары күлүп жиберишти.

“Шылдыңга кабылган жаманбы же эч ким байкабаганы жаманбы?” – деп өзүмчө ойлондум. Мен Кимди колдогум келип, ага кат жазып, китебине салып койдум.

Ким бул катты үйүнөн, рюкзагынан китептерин алып чыгып жатканда көрөт.

Мен Ким кубанып, кичине жеңилдей түшсө керек деп ойлойм. Кыйналып турганыңда бирөө колдоп койсо, кандай сонун!

– Рахмат! Сен абдан боорукер кыз экенсиң. Сүрөттү да аябай жакшы тартат турбайсыңбы, – деди Ким танаписте жаныма келип. Мени менен бирөө сүйлөшкөнүнө өзүм да ишенген жокмун. Апамдын айтканы туура болуп чыкканын карасаң! Алгачкы кадамды жасагандан коркпош керек турбайбы!

Дене тарбия сабагында Ким футболду эң жакшы ойноду. Ал тамашакөй, шайыр бала экен. Бардыгы аны менен дос болууга кызыгышты. Жибек менен Айбек анын тамашаларын угуп, каткырып күлүп жатышты. А мен дагы эле кошумча оюнчулардын отургучунда отурдум.

Сүрөт сабагында мугалим биздин классты төрттөн болуп топторго бөлүнүүбүздү өтүндү. Жибек менен Айбек Ким менен бир командада болгусу келишти. Мен да Кимдин жанына чуркап бара калдым.

– Келгиле, үчөөбүз эле тарталы. Киши аз болсо, кычкылтек көбүрөөк болот, – деди Жибек. Айбек каткырып күлүп жиберди. Мен таарынып калдым.

– Мугалим төрттөн бөлүнгүлө деп айтпадыбы. Бизде Мээрим үчүн да орун бар эмеспи, – деди Ким.

Ар бир топ чөлдөгү жаныбарларды тартыш керек болчу. Эң мыкты топ белек алат. Мен сүрөт тартканды жакшы көрөм. Жаныбарларды сулуу кылып тартканга аракет кылдым.


Биздин топ жеңишке ээ болду!

Кийинки күнү ашканадан Ким, Айбек жана Мээрим мени чогуу тамактанууга чакырышты. Мен аябай кубандым. Чын эле, менин досторум барбы? Ура! Дене тарбия сабагында футбол ойноп көрөйүн деп чечтим. Оюн аябай көңүлдүү болду. Эмне үчүн коркуп жүрдүм экен?

Математика сабагында колумду ишенимдүү көтөрдүм. Мугалим мени сурап, дароо «5» койду. Танаписке чыкканда, барыбыз чогуу кызыктуу окуяларды айтып жаттык. Мен бир жолу итибиз үй тапшырмамды жеп салганын айтууга батындым. Балдар каткырып күлүштү. Өзүмдү бактылуу сездим. Жыргап күлүп аттым. Чын эле, кыялдар ишке ашат окшойт.

Үйгө келгенде, атам менен апама бүгүн кандай көңүлдүү жүргөнүмдү айтып бердим. Эми менин досторум бар. Мени кызыгып угушат. Сабактарда тартынбай жооп берем. Футбол ойнойм. Тунт, көрүнбөс кыздан эми минтип класста шайыр, тартынбас кызга айландым. Эми менин досторум көп!

***2-ТИРКЕМЕ***



# №12 аудиокитеп. Түстүү билдирүүлөр

| Иштин мазмуну\ тапшырмалар | Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Түстүү билдирүүлөр**<br>**Автор:** Дина Антония<br>**Которгон:** Назира Сартбаева<br>**Класс:** 4-класс, деңгээли: 4.2 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, класстан тышкары окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>– текcттин мазмунун божомолдошот жана салыштыршат;<br>– чыгарманын мазмуну тууралуу өз пикирлерин калыптандырышат;<br>– чыгарманын мазмунуна ылайык суроолорго жооп беришет;<br>– тандалма мутизм оорусу менен жабыркагандарга кандай мамиле кылуу экендигин айтып беришет. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | "Анык же анык эмес ырастоолор", **"**Тыным менен окуу", |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Топто иштөө, жалпы класс менен талкуу |
| **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** | |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:** | **1-КАДАМ.** Мугалим "**Түстүү билдирүүлөр**" деген аудиокитебин укканган чейин чыгарманын мазмунун божомолдоого калыптандыруу максатында "Анык, анык эмес ырастоолор" көнүүгүү менен баштайт. Ал үчүн мугалим алдын ала флипчартка ырастоолорду даярдап же доскага жазып коюусу керек.<br><br>**2-КАДАМ.** Окуучуларга "Түстүү билдирүүлөр" деген аудиокитепти угушсун. Андан кийин чыгарманын мазмунуна тиешелүү болгон төмөнкү ырастоолорду окуп бериңиз. Окуучулар ырастоолордун номерин көрсөтүү менен алгач дептерлерине өз божомолдорун «+» туура же «–» туура эместигин белгилеп отурушат. |

| **Ырастоолор** | **Менин божомолум** | **Тексттеги маалымат** |
|---|---|---|
| 1. Башкы каарман көп сүйлөбөгөн кыз болот. | | |
| 2. Пеланги деген кыздын достору ага жакшы мамиле жасашат. | | |
| 3. Ал жакшы сүйлөбөсө да мыкты сүрөт тартып, даамдуу тамак жасай алат. | | |
| 4. Пелангинин апасы анын досторун жакшы тосуп алат. | | |
| 5. Достор түстүү калемдер менен жазып сүйлөшүшөт. | | |

**3-КАДАМ.** Окуучулар өз божомолдорун белгилеп бүткөндөн кийин 5-6 окуучудан божомолдорун айтып берүүсүн же кандай белги койгондугун түшүндүрүп берүүсүн сурап, азыраак убакыт окуучулардын пикирлерин угуп коюңуз.

**Текстти угуу учурундагы тапшырмалар**

**4-КАДАМ.** “Түстүү билдирүүлөр” аудиокитебин 6-тыным менен угузуңуз. Ар бир тынымда токтоп, суроолорду бериңиз. **(**1-тиркемеде көрсөтүлгөн).

Ар бир тынымда мугалим окуучуларга тексттин мазмунун түшүнүүгө багытталган суроолорду берүү менен угузат. Тексттин мазмунун жана маанисин түшүнүү текстти угуу менен биргеликте жүрөт.

<table>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td></td><td>5-КАДАМ. Окуучулардын дептериндеги таблицага кайра кайрылыңыз. Эгерде алардын божомолдору анык болсо, «+» белгисин, анык эмес болсо, «–» белгисин коюшсун.<br>Физкультминутка .<br>Балдар кыймыл-аракет менен ырдашат.<br>Колдорубуз шак,шак, шак<br>Буттарыбыз так,так, так<br>Ийилебиз он жакка,<br>Ийилебиз сол жакка,<br>Отурабыз, турабыз,<br>Чымчык болуп учабыз.<br><br>6-КАДАМ. Окуучуларды 3 топко бөлүштүрүңүз. Топтор төмөнкү тапшырмалардан каалаганын тандап аткаруусун түшүндүрүңүз.<br>Тапшырмалардын түрлөрү<br>1. Тексттин мазмунуна ылайык сүрөттөрдү тартуу.<br>2. Чыгарманы мазмунун ролдоштуруп аткаруу.<br>3. Чыгармадагы башкы каармандын мүнөзүн айтып берүү.<br>4. Чыгарманын мазмунуна ылайык суроолорду түзүү.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү</td></tr>
<tr><td>“Муштум жана манжалар”</td><td>7-КАДАМ. Мугалимге тез жана дароо баалоо керек болгон учурда «Муштум жана манжалар» ыкмасын колдонуу абдан ыңгайлуу. Окуучуларга төмөнкү суроолорду берип, түшүнүү деңгээлин манжалардын жардамы менен көрсөтүүнү сунуштаңыз.<br>▪ окуучу 1 манжасын көрсөтсө, теманы түшүнбөгөнүн, кошумча маалымат жана жардамга муктаж экендигин билдирет.<br>▪ окуучу жакшы түшүнө баштаса 3–4 манжасын көрсөтөт.<br>▪ окуучу чыгарманын мазмунун толук түшүнгөн болсо 5 манжасын муштумга түйүп көрсөтөт.</td></tr>
<tr><td>Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:</td><td>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet</td></tr>
</table>

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

Түстүү билдирүүлөр

Бул Таринин жаңы мектептеги биринчи күнү. Ал жаңы достору көп болоруна кубанып жатты. Анын парталашы ким болот?

– Тари, сен Пелангинин жанына отур, – деди мугалим.

– Мен түн бою балык уулап жүрдүм. Кармаганым болгону кичинекей «Тари» балыгы болду.

– Пеланги, сен мени Тари деп атай берсең болот! – Ха-ха-ха! Пелангиден башка балдар күлүп жиберишти. – Пеланги – көп сүйлөбөгөн кыз экен? – деп ойлоду Тари.

Музыка сабагында мугалим аларга жаңы ыр үйрөттү. – Тралала… трилили… – деп, Пелангиден башкасы кошулуп ырдап жатышты.

– Пеланги…эмне үчүн сен ырдабай жатасың? Бир нерсе болдубу? – деп сурады Тари. Пеланги унчуккан жок. – Пеланги – уялчаак кызбы?

Чырың! Түшкү тыныгууга коңгуроо кагылды. Пеланги өзүнүн ланч-боксун ачты. Тамактын жыты укмуш эле! – Пеланги, сенин куурулган күрүчүң ушундай даамдуу көрүнөт экен. Мен аябай ачка болдум! Мени ашканага алып бара аласыңбы? – деп сурады Тари.

**1-ТЫНЫМ**

- *Пеланги кандай кыз экен?*
- *Ал эмне үчүн көп сүйлөбөйт деп ойлосунар?*
- *Пеланги – уялчаак кызбы?*
- *Кандай ойлойсуңар Пеланги Тариге жооп береби?*

Пеланги дагы эле унчуккан жок. Хм…

– Сен биз менен ашканага барсаң болот, – деп сунуштады Бунга. – Пеланги сүйлөбөйт, – деп эскертти Пипит. – Пеланги мугалим менен гана сүйлөшөт, – деп кошумчалады Бунга. – Ал шыбырап сүйлөйт. Эч ким аны уга албайт. – Хм, Пеланги дос күткөндү жаман көрөбү?

Тил үйрөнүү сабагында мугалим окуучулардан балдар каникулду кандай өткөргөнү жөнүндө дил баян жазууну сuранды. Эмне үчүн Пеланги дептерине сүрөт тартып жатат? Бул кызык, бирок анын сүрөттөрү чынында сонун экен

Пелангиден башкасынын бардыгы өз дил баянын окуп берди. Анын үнү өтө акырын чыгат, ошондуктан анын дил баянын мугалим окуп берди. – Жакшы сүрөт экен, Пеланги, – деп айтты мугалим. – Сонун экен! Бирок эмнеге ал дил баянын өзү окуй албайт? – деп таң калды Тари.

**2-ТЫНЫМ**

- *Ал эмне үчүн мугалим менен шыбырашып гана сүйлөйт деп ойлойсуңар?*
- *Пеланги эмне тууралуу сүрөт тартты?*
- *Ал сүрөттү кандай тартты?*

Ура! Кийинки сабак – дене тарбия! – Чуркап, алкак аркылуу секирип, конусту кийинки оюнчуга бериш керек, ал эстафетаны улантат, – деп мугалим эстафета эрежелерин түшүндүрүп берди.

Тари чагылгандай тез чуркайт. Анын командасы башкалардан озуп кетти. Ал өз командасындагы кийинки оюнчу болгон Пеланги чуркоону ийгиликтүү аякташы үчүн анын милдетин жеңилдетти. Бирок Пеланги селдейип катып калды. – Чурка! Тезирээк! Пеланги! Биз утулуп калабыз! – деп Тари аны акырын түрттү.

Күп! Пеланги кулап кетти. Тари, аны катуу түртүп алды окшойт. Мугалим Пелангини мектептин медпунктуна алып барды. Тари Пелангиде баары жакшы деп үмүттөнөт.

Сабактан кийин Тари Пелангинин аксап жүргөнүн байкады. Ал үйүнө жеткирип коюуну сунуштады. – Пеланги, мен абдан өкүнүп жатам. Сени үйүңө жеткирип коеюнбу? Сенин үйүң каякта? Эч нерсе айтпай туруп, Пеланги үйү тарапты көрсөттү. Тари аны үйүнүн жанынан түшүрүп, коштошуп кол булгалады.

Кийинки күнү Пеланги сабакка келбей калды. Тари өзүн ыңгайсыз сезип, мектептен кийин Пелангиге барууну чечти. Бунга жана Пипит аны менен барууга макул болушту.

### 3-ТЫНЫМ

- *Дене тарбия сабагында кандай окуя болду?*
- *Пеланги эмне үчүн аксап басып калды?*
- *Пелангини көргөнү кимдер барышты?*
- *Пеланги классташтарын кандай тосуп алат деп ойлойсуңар?*

Чырың-чырың! Тари Пелангинин үйүнүн коңгуроосун какты. – Пеланги, эшикти ачып койчу? – деген аялдын үнүн угушту. – Макул, апа, азыр! – Бул Пелангинин үнүбү? – кыздар таң калып калышты. Алар анын үнүн биринчи жолу угушту

– Салам, Пеланги! Пеланги жооп берген жок. Ал жандап аларды меймандар бөлмөсүнө кирүүгө чакырды да кетип калды. Ошол учурда Тари, Бунга жана Пипит Пелангинин сүрөттөр жана сыйлыктарын суктанып карап жатышты.

Пелангинин апасы кыздар менен учурашты. Көрсө, Пелангинин буту дагы эле ооруп жатыптыр. Анын эжеси дагы ооруп калыптыр, ушундан улам Пеланги бул күнү мектепке барбай калган.

– Пеланги, мен эжеңди карап келейин. Курбуларыңа куурулган күрүч жасап бересиңби? Мен бардык азыктарды даярдап койдум, – деп айтты Пелангинин апасы. – Макул, апа, – деп шыбырады Пеланги.

Пеланги дамак даярдап баштады. Күрүчтүн буркураган жыты бөлмөгө тарады. Тари жаңы курбусу тууралуу башкача ойлоно баштады. Пеланги жакшы кыз окшойт, ал апасына жардам берет экен.

Пеланги тамак даярдагандан кийин, ал бир ооз сөз айтпастан, досторуна куурулган күрүч сунуштады.

– Эң сонун! – деди Бунга. – Чоңойгондо мыкты ашпозчу болчудайсың! – деди Пипит. Пеланги унчуккан жок.

**4-ТЫНЫМ**

- *Пеланги классташтарын кандай тосуп алды?*
- *Ал кандай тамак жасап берди?*
- *Эмне үчүн Тари Пеланги тууралуу башкача ойлоно баштады?*
- *Ал дагы эле досторуна сүйлөбөй жатканынын кандай себеби бар деп ойлойсуңар?*

Тамактан кийин Пеланги досторун ички короого алып барды. Кыздар бир аз убакыт ыңгайсыз болуп унчукпай калышты. Күтүүсүздөн Таринин оюна идея келди. Пеланги сүрөт тартканды жакшы көрөт. Тари сумкасынан кагаз жана түстүү карандаш алып чыкты.

Тари Пелангини башкы ашпозчунун ролунда тартып, “Пеланги – мыкты башкы ашпозчу!” деп жазып койду. Андан кийин сүрөттү Пелангиге берди.

Пеланги жооп береби? Тари, Бунга жана Пипит бир аз тынчсыздана түшүштү. Бирок Пеланги кагаз жана түстүү карандаш алды. Андан кийин ал кооз сүрөт тартып, сүрөттүн алдына “Ыракмат!” деп жазып койду.

Бир аздан кийин Бунга менен Пипит да кат алышууга кошулушту. – Эртең мектепке кел. Биз бири-бирибизге түстүү билдирүүлөрдү жазабыз, – деп сунуштады Тари Пелангиге. Пеланги жылмайып койду. Көрсө, Пелангиге жаңы досторду күтүү жагат экен. Болгону, аны көрсөтүү үчүн өзүнүн жеке кооз ыкмасы бар.

**5-ТЫНЫМ**

- *Тари Пеланги менен кантип сүйлөштү?*
- *Ал досторуна кантип жооп кайтарды?*
- *Достор мектепке барганда түстүү билдирүүлөр жазабыз деген сүйлөмдүн маанисин кандай түшүндүңөр?*
- *Пеланги эмне үчүн жылмайып койду?*
- *Эмне үчүн Пеланги мектепте таптакыр сүйлөбөгөнүн билесиңерби?*

Эмне үчүн Пеланги мектепте таптакыр сүйлөбөгөнүн билесиңерби? Ал дос тапкысы келбегенинен эмес. Пеланги тандалма мутизм деп аталган өтө кооптуу абалдан жабыркайт. Бул абалдан улам, Пеланги тынчсыздануууну жана ыңгайсыздыкты сезген жагдайларда, мисалы мектепте таптакыр сүйлөбөйт. Бул абал анын мектептеги жетишкендигине таасирин тийгизиши мүмкүн. Пеланги сыяктуу досторго кантип жардам бериш керек? Тандалма мутизми барлар ага жакын адамдар менен өздөрүн ыңгайлуу сезишет. Тааныбаган адамдын жанында абдан катуу тынсызданып калышат. Алар менен өздөрү үчүн көнүмүш болгон шарттарда, мисалы, үйүндө өз ара баарлашууга аракет кылып көргүлө. Алар тарабынан жасалган кичинекей баарлашуу үчүн дагы мактаңыз. Акырындык менен силерге көнүп башташат.

**6-ТЫНЫМ**

- *Башкы каарман кандай оору менен жабыркайт экен?*
- *Тандалма мутизм оорусу менен жабыркангандар кандай шарттардө өздөрүн ыңгайлуу сезишет?*
- *Пеланги сыяктуу досторго кантип жардам бериш керек?*

# №14 аудиокитеп. Менин мыкты досум

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Менин мыкты досум**<br>**Автор:** Назгуль Кулматова<br>**Которгон жана адаптациялаган:** Абдыкерим Муратов<br>**Класс:** 4-класс, деңгээли: 4.2 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, класстан тышкары окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>- тексттин мазмунун божомолдошот жана салыштырышат;<br>- чыгарманын мазмуну тууралуу өз пикирлерин калыптандырышат;<br>- чыгарманын мазмунуна ылайык суроолорду түзүшөт;<br>- досторго таарынуу жакшы адат эмес экендигин талкуулашат. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | "Тексттин мазмунун болжолдоо", "Суроолор ромашкасы". |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Топто иштөө, жалпы класс менен талкуу |
| **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** | |
| **АТКАРУУ КАДАМДАРЫ:** | **1-КАДАМ.** Мугалим "Менин мыкты досум" деген аудиокитебин укканга чейин окуучуларды активдештирүү максатында төмөнкү суроолор менен кайрылса болот.<br>**Суроолор:**<br>▪ Мыкты достор кандай болот деп ойлойсуңар?<br>▪ Сен досуңдун кандай сапаттарын жакшы көрөсүң?<br>▪ Кайсы учурда досуңарга таарынасыңар? Эмне үчүн?<br>▪ Досуңар силерге адилетсиздик кылган учурлар болгонбу?<br>▪ Адилетсиздик деген эмне?<br><br>**2-КАДАМ.** Окуучуларды чакан 3-4 топко бөлүштүрүңүз. Эгерде чыгарма "Менин мыкты досум» деп аталса, кандай аңгеме болушу мүмкүн?<br>Төмөнкү сөз айкаштарынын\фразалардын негизинде аңгеме түзгүлө. Божомолдогула<br><br>**Сөз айкаштар\фразалар:** ***аябай ачууланып отурам \ досум карындашын карайт \ досума таарынып, сүйлөшпөй калдым \ жөн эле сүйлөшүп отурганды сагындым \ досум телефон чалды.***<br><br>**3-КАДАМ.** Окуучулар топтук иште жазылган аңгемелерин окуп беришсин. |

<table>
<tr><td colspan="2">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</td></tr>
<tr><td></td><td>4-КАДАМ. “Менин мыкты досум” аудиокитебин уктуруңуз. Ангемени угуп жатып, өздөрү түзгөн аңгеме менен салыштыруу үчүн төмөнкү таблицага кыскача сөз айкаштары менен белгилеп отурушсун.
<table>
<tr><th>Биздин аңгемеге окшош жактары</th><th>Биздин аңгемеден өзгөчөлөнгөн жактары</th></tr>
<tr><td></td><td></td></tr>
</table></td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td></td><td>5-КАДАМ. Окуучулардын дептериндеги таблицага кайра кайрылыңыз. Таблицадагы окшош\айрымалуу жактарын окуучулар менен талкуулаңыз.<br>6-КАДАМ. 2-кадамда бөлүштүргөн топтор бири-бирине “Суроолор ромашкасы” боюнча 4 типтеги суроо түзүүсүн түшүндүрүңүз. (2-тиркемеде. Мугалим окуучуларга жардам берүүдө таяныч болуучу болжолдуу суроолор берилди).<br>1. Жөнөкөй суроолор. Жооптору кандайдыр бир фактылар болгон суроолор.</td></tr>
<tr><td></td><td>2. Тактоочу суроолор. «Башкача айтканда, сен мындай деп жатасың ...», «Эгер мен сени туура түшүнсөм, анда» деген сыяктуу фразалар менен башталат.<br>3. Интерпретациялык (түшүндүрүүчү) суроолор. Мындай суроолор көбүнчө «Эмне үчүн?» деген фраза менен башталат.<br>4. Баалоочу суроолор. Кандайдыр бир окуяны баалоо ченөлчөмүн аныктоо үчүн берилет.<br>ЭСКЕРТҮҮ: Окуучулар тигил же бул суроолордун типтеринин айырмачылыктарын ажырата билүүсү үчүн бул көнүгүүлөрдү бир нече ирет пайдалануу керек. Эгерде окуучулар алардын айырмачылыктарын так ажырата алышпаса, анда мугалим аларга топтордо иштеп жаткан мезгилде жардам берүүсү керек. Практикалык иш канчалык көп болсо, окуучулар суроолордун типтерин ошончолук тез түзө башташат. Бул болсо алардын туура суроо берүү көндүмдөрүн өнүктүрүүнү шарттайт.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү</td></tr>
<tr><td>“Суроолор ромашкасы”</td><td>7-КАДАМ. “Суроолор ромашкасы” боюнча түзүлгөн суроолорду топтор бири-бирине беришет. Мисалы, 1-топ 2-топко суроо берет. 2-топ 1-топтун суроосуна жооп берет.</td></tr>
<tr><td>Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:</td><td>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet</td></tr>
</table>

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**Менин мыкты досум**

Жекшемби. Баары бүгүн мен ойлогондой болбой калды! Аябай ачууланып отурам! Досум карындашын карап, киного бара албайт экен. Мен ага ишенип, ата-энем менен конокко да барбай койгом. Карындашын чоң энеси караса болот эле го. Кандай гана адилетсиздик! Эмне үчүн баары мен каалагандай болбойт!

Дүйшөмбү. Досума таарынып, сүйлөшпөй калдым. Дайыма чогуу отурчубуз. Бүгүндөн баштап, Даринанын жанына барып отуруп алдым. Досум математикадан үй тапшырмасын аткарган эмес экен, мен көчүртпөй койдум. Эгер "2" алса, өзүнөн көрсүн, ал ошого татыктуу, мага эмнеге жакшы мамиле кылбайт. Кечке чейин үйүндө эле болду да. Тапшырмасын аткарып койсо болмок. Сабактан кийин досум менден кечирим сурайын деди окшойт, мага келе жатканын көрүп, токтобой басып кеттим.

Шейшемби. Бүгүн эртең менен апам досумду биздикине кирбей калганын сурады. Таарынып жатканыма, эки эле күн болду! Ар дайым мектептен бирге кайтканда, ал биздикине кире кетчү. Сабакты даярдайбыз, сүйлөшөбүз. Компьютер оюндарын да ойнойбуз, себеби анын компьютери жок. Бирок азыр ансыз мага көңүлсүз. Бирге ойногонду, бирге сабак окуганды, жөн эле сүйлөшүп отурганды сагындым. Экөөбүз ар кандай темада сүйлөшө берет элек!

Шаршемби. Биз таарынышып калганбыз. Тагыраагы, мен ага таарындым… Эми Нурбек жана Эрмек менен сүйлөшө баштадым. Алар да классташтар, тууган да болобуз.. Эгер чындыгын айтсам, алар менен сүйлөшүү анча деле жакпайт. Бирок башка айла жок. Качан болсо жаңы телефон, же велосипед менен мактана беришет. Досумдун телефону эски, оюной албайбыз. Ашыкча маалыматтарды өчүрүп туруу керек. Ошондой болсо да, башкаларга караганда, досум мыкты ойнойт!

Бейшемби. Бүгүн досум мектепке келген жок. Карындашы да келбептир. Биринчи класстардын кабинетинин жанынан өтүп баратып, капысынан байкап калдым. Макул эми, капысынан эмес. Элинадан байкеси кайда экенин сурайын дегем. Мен ага биринчи болуп телефон чала албайм, биз дагы эле сүйлөшө элекпиз. Биздин мугалим менен Элинанын мугалими сүйлөшүп жатканын, кокустан угуп калдым. Алар менин досумдун чоң энеси катуу ооруп, ооруканага жатканы жөнүндө сүйлөшүп жатышыптыр. Мен жаман болуп кеттим. Досум эмне кылып жатты экен? Чоң энеси эмне болду? Сабак бүтөрү менен үйүнө барууну чечтим. Балким, менин жардамым керек.

Бейшемби күндүн уландысы. Мен досумдун аябай мыкты экенинен шек саначу эмесмин! Ал үй жыйнайт, тапшырмаларын аткарат, карындашына да жардам берет, тамак жасай алат! Базардан азык-түлүк алып келет! Мен эч качан базарга ата-энем жок, жалгыз бара албайм. Бул күнгө чейин, өз алдымча бутерброддон башка, тамак жасай элекмин. Досума шорпо жасаганга жардам бердим. Даамдуу болуптур.

Бүгүн дагы досумдун ата-энелери менен телефон аркылуу сүйлөштүк. Алар Россияда иштеп, үйүнө жайында жана Жаңы жылда гана келишет. Анын апасы чоң энесинин ооруганына капаланып, ыйлады. Бир күндөн кийин келерин, ал келгенче, үйдө эжеси жашап турарын айтты. Апасы досума жана карындашына каралашып жатканыма мага ыракматын айтты. Ошол учурда, мен болбогон бир нерсеге таарынганымды эстеп, уялып кеттим.

Жума. Атам досумдун чоң энеси жаткан ооруканада иштейт. Ал жумуштан келгенде, досумдун чоң энеси жакшы болуп калгандыгын айтып берди. Атам машинасы менен досумду карындашы менен больницага алып барып, кайра жеткирип келерин айтты. Мен да алар менен барсам болобу деп сурандым. Атам ооруканага үй-бүлө мүчөлөрүн гана киргизет деп койду. Менин капа болгонумду көрүп, атам мыкты досторду да киргизет деди.

Ишемби. Бүгүн досума дагы бардым. Кечинде апасы Россиядан учуп келмек. Досум чоң энеси үчүн кабатырланып жатканын айтты. Чоң энесин ооруканага алып кеткенде корkконун, карындашы уктап калганда, түнү бою ыйлаганын да айтып берди. Дагы бир жашыруун сыры бар экен. Ойлогону туура эмес болсо да, менден жашырган жок. Эгер чоң энеси ооруканага жатпаганда, апасы үч айдан кийин, же Жаңы жылда гана келмек. Досум бир чети чоң энеси ооруп калганына капаланса, экинчи чети, апасынын келгенине сүйүнүп жатканын жашырган жок. Ал ата-энесин абдан сагынат, Элина кичинекей, кээде жалгыз уктагандан коркот. Бүгүн атасы да кошо келсе жакшы болмок, бирок ал жумушунан бошой албаганын түшүнөт. Бул жакта алар жумуш таба албай коюшуп, башка өлкөгө иштегени кетишкен.

Ата-энеси келген сайын, балдарына ар кандай белек алып келишет. Бирок досума ата-энесинин үйдө болгону чоң белек болмок. Мен досума эч нерсе айта алган жокмун. Ал сырларын айтып жатканда, колунан кармап гана угуп отурдум. Үйгө келгенде, апамды, атамды бекем кучактап, экөөнү аябай жакшы көрөрүмдү айттым.

Жекшемби. Эртең менен досум телефон чалды. Анын кыйкырып сүйлөгөнүнөн, телефонумду кулагымдан алыс кармадым. Бир аз өзүнө келип, толкундаганы басылганда, эмне болгонун айтып берди. Самолет кеч учуп келет дешсе да, досум, Элина экөө күтүп жатып, араң укташыптыр. Бир маалда, алар жарыктан жана бирөөлөрдүн сүйлөшкөн үндөрүнөн ойгонуп кетишиптир. Бөлмөдө эжеси, апасы, атасы сүйлөшүп жатышыптыр! Көрсө, атасы да жумушунан суранып, апасы менен чогуу келиптир. Досум жана карындашы үчүн ата-энесинин келгени чоң белек болуптур. Эми алар эң бактылуу! Кечинде атам досумдун чоң энеси жакшы болуп калганын, бир жумадан кийин ооруканадан чыгарын айтты. Мен досумдун үй-бүлөсү үчүн аябай кубанычтамын! Досум менен эртең кайрадан мектепте жолугам!

***2-ТИРКЕМЕ***

## "СУРООЛОР РОМАШКАСЫ"

"**Суроолор ромашкасы"** боюнча 4 типтеги суроолорду түзүүдө болжолдуу ушундай суроолор түзүлүүсү зарыл. *Эскертүү: Негизи 6 типтеги суроолор бар. Бирок бул сабак үчүн 4 тибин гана пландаштырдык.*

1. **Жөнөкөй суроолор.** Жооптору кандайдыр бир фактылар болгон суроолор.

**Мисалы:** Башкы каарман эмне үчүн досуна таарынды? Ал дүйшөмбү күнү досуна кандай мамиле жасады?

2. **Тактоочу суроолор.** «Башкача айтканда, сен мындай деп жатасың …», «Эгер мен сени туура түшүнсөм, анда» деген сыяктуу фразалар менен башталат.

**Мисалы:** Чындыгында эле, ал досуна киного барбай калгандыгы үчүн эле таарынып жатабы? Эгер мен туура түшүнгөн болсом, досу чоң энесинин ооруканага жатып калганына сүйүнүп да, капаланып да жатат да ээ?


3. **Интерпретациялык (түшүндүрүүчү) суроолор.** Мындай суроолор көбүнчө «Эмне үчүн?» деген фраза менен башталат.

**Мисалы:** Эмне үчүн автор чоң энеси ооруп калганына сүйүнгөнүн жашыруун сыр деп айтып жатат деп ойлойсуңар? Досунун ата-энеси эмне үчүн балдарын өздөрү менен кошо Россияга алып кеткен жок?

4. **Баалоочу суроолор.** Кандайдыр бир окуяны баалоо чен-өлчөмүн аныктоо үчүн берилет.

**Мисалы:** Бул чыграманын кайсыл жери сага жакты? Эмне үчүн? Достордун бири-бирине болгон мамилесин кандай баалайсың? Досуна таарынуу жакшы сапаттарга киреби? Эмне үчүн?

# №15 аудиокитеп. Манжалардын учундагы алиппе

| **Иштин мазмуну\ тапшырмалар** | **Мугалим үчүн методикалык көрсөтмөлөр** |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы:** | **Манжалардын учундагы алиппе**<br>**Автор:** Елена Варворкина<br>**Которгон:** Талгат Деркембаев<br>**Класс:** 4-класс, деңгээли: 4.2 |
| **Сабак:** | Адабий окуу, класстан тышкары окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулар:<br>– “Манжалардын учундагы алиппе” чыгармасын угуп, сүйлөмдөрдү толукташат;<br>– ырастоолордун туура\туура эместигин аныктап, аргументтер менен айтып беришет.;<br>– 4 типтеги суроолорду түзүшөт;<br>– Башкы каармандардын диалогун ролдоштурушат. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ыкмалар:** | “Сүйлөмдөрдү”, “Суроолор ромашкасы”, “Чыгарманын картасы”. |
| **Керектелүүчү каражаттар:** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы:** | Топто иштөө, жалпы класс менен талкуу |
| **Текстти укканга чейинки тапшырмалар** | |
| АТКАРУУ КАДАМДАРЫ: | **1-КАДАМ.** Мугалим “Манжалардын учундагы алиппе” деген аудиокитебин укканган чейин окуучуларды буга чейинки билимдерин активдештирүү максатында төмөнкү китептин сүрөтүн көрсөтүп төмөнкү суроолор менен менен кайрылса болот.<br> <br>Суроолор:<br>■ Сүрөттөгү китеп кандай китеп деп ойлойсуңар?<br>■ Манжалардын учу менен китеп окууга болобу?<br>■ Силердин көзүңөрдү көрүүсү кандай?<br>■ Доскадагы жазууларды көрүүдө кимде кандай кыйынчылыктар бар? |

<table>
<tr><td></td><td>2-КАДАМ. Сөздүк менен иштөө. Сөздөрдү маанилери менен туташтыргыла.<br>
<table>
<tr><th>Сөздөр</th><th>Маанилери</th></tr>
<tr><td>Шуру</td><td>моюнга тагылуучу асем буюм</td></tr>
<tr><td>Билерик</td><td>жаш курагындагы балдардан айырмаланып, эрте ой жүгүртүп, эрте калыптанган бала .б.а. акылы ашткан бала.</td></tr>
<tr><td>Вундеркинд</td><td>жатаканасы бар мектеп</td></tr>
<tr><td>Интернат</td><td>Электрондук форматта угуу үчүн даярдалган китеп</td></tr>
<tr><td>Аудио китеп</td><td>колдун билегине таккан зер буюм</td></tr>
</table></td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти угуу учурундагы тапшырмалар</td></tr>
<tr><td></td><td>4-КАДАМ. “Манжалардын учундагы алиппе” аудиокитебин уктуруңуз. Ангемени угуп жатып, сүйлөмдөрдү толукташсын. ( № 2 тиркеме) .</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текстти уккандан кийинки көнүгүүлөр<br>Тексттин мазмунун эстеп калганын жана түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.</td></tr>
<tr><td></td><td>5-КАДАМ. Окуучулар толуктаган сүйлөмдөрүн жупта бири-бирине айтып беришсин. Сиз жуптардын жанына барып, туура\туура эместигине көз жүгүртүп коюңуз.<br>6-КАДАМ. “Ырастоолорду ырастагыла” көнүгүүсүн окуучулар жекече, жупта талкуулап, жалпы класска жарыялашат. (3-тиркеме).<br>7-КАДАМ. Окуучуларды 3 топко бөлүштүрүп, төмөнкү тапшырмаларды бериңиз. 4-тиркеме.<br>1-топ. “Чыгарманын картасын” толтургула.<br>2-топ. “Суроолор ромашкасы” 4 типтеги суроо түзгүлө.<br>3-топ. Айша менен Элинанын диалогун ролдоштургула.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Калыптандыруучу баалоо жүргүзүү</td></tr>
<tr><td>“Жыйынтыктоочу суроолор”</td><td>7-КАДАМ. Төмөнкү суроолор менен талкуу жүргүзүңүз.<br>■ Чыгармадагы башкы каармандар кимдер?<br>■ Автор бул чыргарма аркылуу эмне айткысы келген?<br>■ Сага чыгармадагы кайсы учур жакты?<br>■ Айша менен Элинанын достугун кандай баалайсың?<br>■ Көрүүсү, угуусу начар балдар менен кандай мамиледе болуу керек?</td></tr>
<tr><td>Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:</td><td>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet</td></tr>
</table>

# ТИРКЕМЕЛЕР

***1-ТИРКЕМЕ***

**Манжалардын учундагы алиппе**

Элина баштыгын булгалап көчөдө кетип бара жаткан. Бүгүн мектеп интернаттан анын эң жакын досу Айша келди. Алар биринчи класстан бери курбу болуп жүрүшөт. Тилекке каршы, Айша ооруп, төртүнчү класста көрүүсү начарлап кеткен. Ошондуктан Айша атайын мектеп-интернатка барууга туура келди. Бирок ар бир каникулда ал үйүнө келчү. Курбусу келгенде Элина Айшага жолугуу үчүн үйүнө барат.

Эшикти Айшанын апасы ачты

– Саламатсызбы, Нурия эже! – Ой, Эля, саламатсыңбы! Айша сени качан келет деп мүнөт сайын сурап жатат. Курбуң ашканада отурат. Айша столго камырдан бир нерсе жасап жатыптыр.

– Салам, Айша! Мен сени аябай сагындым! Курбулар бекем кучакташып калышты.

– Салам, Эля! Келгениң жакшы болбодубу! Мен сени күтүп отургам. Майда шуруларды ала келдиңби? Элина курбусунун жанына отурду. – Албетте, ар кандай түстөгү майда шуруларды алып келдим. Бүгүн экөөбүз окшош кош билериктерди жасайбыз. Сен эмне кылып жатасың? – Бул туздалган камыр. Пластилинден жакшы болот. Камырдан ар кандай фигураларды жасап, кургатып, боёп, ойносо болот. Текчеде кыздар чогуу пластилинден жасаган жаныбарлар, илмек менен түйүлгөн оюнчуктар жана башка буюмдар бар эле.

Элина бир аз камыр алып, мышык жасай баштады. Айша ит жасап кирди. Кыздар жаңылыктар менен бөлүшүп жатышты. Элина мектептеги жалпы досторун айтып берсе, Айша интернаттагы классташтары, ал жерден эмне үйрөнгөнү тууралуу айтып жатты. – Башында мен сабак даярдабай эле, аудио китептерди укчумун. Эми колдун учун кыймылдатып окуганды үйрөнүп калдым. – Кантип колдун учу менен? – деп таң калды Элина. – Азыр көрсөтөм, – деп Айша туруп колун сунду. Ал шкафка чейин бир канча кадам таштап, рюкзагын алып чыкты.

Элина Айшанын үйүнө биринчи жолу келгенде, ага бөлмөсүндө басууга жардам берейин деген. Бирок Айша үйдүн ичинде өзү эле баса аларын дароо айтты. Айша идиштерди жууп, полду сүртүп, сүрөт тарта алат Оюнчуктарды жыйнайт. Элина ушундай өз алдынча кыймылдай алган курбусу менен аябай сыймыктанат.

Айша отургучка отуруп, камырдан жасалган фигураларды алысыраак жылдырып, колун китептин үстүнө койду. – Столдун үстүн кармап көрсөң. Эмнени сезип жатасың? – деп сурады Айша. – Столдун үстү жылмакай экен, – деп жооп берди Элина. – Эми Коланын бөтөлкөсүн сыйпалап көрчү, – деп сунуштады Айша. – Бөтөлкө рельефтүү, анын тешиктери бар экен. Мен аларды манжаларым менен жакшы сезип жатам, – деди Элина.

Айша көлөмдүү, оор китебин ачты. – Эми бул сүрөттөрдү колуң менен кармап көрчү. Карасаң, бул тегерек рельефтүү болот. Анын сыйпалап сезиш керек. Бул болсо квадрат, сыйпалап көрсөң. Элестет, манжанын учу менен эле сыйпалап квадрат экенин билип койсо болот! Андан кийин Айша китебин барактады. Айша Элинанын манжаларын рельефттүү чекиттерге коюп, сыдыртып жатты. – Ар бир символ тамганы же цифраны билдирет. Мына бул Д тамгасы. Бул болсо Б. Бул О тамгасы. Кана, окуп көрсөң. Бул жерде эмне деп жазылыптыр?

Элина китепте эмне сөз жазылганын дароо аныктай алган жок. – Мен окуй албай жатам, – деди ал. – Бул үй деген сөз, – деди Айша. – Ооба, бул китеп өзгөчө китеп экен. Аны чын эле колдун учу менен окуйт турбайбы. Бул белгилерди ким ойлоп тапты болду экен?

– Бул шрифтти 15 жаштагы француз Луи Брайль аттуу бала ойлоп тапкан. Кичинекей кезинде ал көзүнөн жаракат алып, көрбөй калган. Ошондо ал ушул рельефттүү чекиттерди манжанын учу менен окуй тургандай алиппени ойлоп тапкан. Бул окуя илгери, 1824-жылы болгон.

– Ой, сен кандай гана азаматсың! – деп Элина курбусун мактап калды. – Мен англис тилинен аябай кыйналып жатам. Бардык тамгалар бирдей эле сезиле берет. Сен болсо, тез эле жаңы алфавитти жаттап алыпсың. Айша күлүп койду.

– Албетте, баары дароо эле болуп кеткен жок. Бирок мен сени бир таң калтырайын дегем.

– Сен менин сонун курбумсуң да. Фортепианодо ойногонду да билесиң, пластилинден укмуштуудай нерселерди жасайсың, тиккенди да билесиң. Тамакты да сонун жасайсың. Бөлмөңдө да ишенимдүү баса аласың.

– Мен башында кадамдарды саначумун. Эми көнүп калдым. Өзүнөн өзү эле боло берет экен. Тааныш эмес жерде таягым менен жерди тыкылдатып, кадамдарды санайм. Сен бир аз шрифттерди айырмалап калдыңбы? – деп сурады Айша. – Бул жерде эмне деп жазылганын окуп көрчү! ⠙⠗⠥⠚⠃⠁ Элина көпкө манжаларынын учу менен сыйпалап, окшош символдорду издеп жатып: – Д- о-с-т-у-к. Достук! – деп окуп, сүйүнгөнүнөн алакандарын чаап жиберди.

– Туура, азамат! Бул жерде "достук" деп жазылып турат. Кел, эми жасаган оюнчуктарыбызды текчеге кургатууга коёлу да, окшош билерик жасап баштайлы. Элина майда шуруларды жиптен өткөрүп берип, Айшанын билерикти эптүү токуп жатканын карап турду. Айша, сени вундеркинд – керемет кыз деп атап койсо да болот. «Мен сени менен аябай сыймыктанам»,- деди Элина.

***2-ТИРКЕМЕ***

**СҮЙЛӨМДӨРДҮ ТОЛУКТАГЫЛА**

1. Алар биринчи класстан бери ____________болуп жүрүшөт.
2. Айша ооруп, төртүнчү класста __________ ____________ кеткен.
3. Башында мен сабак даярдабай эле, __________ китептерди укчумун.
4. Эми колдун учун ___________ окуганды үйрөнүп калдым.
5. "Мен сени менен аябай _____________",- деди Элина.

**Туура жообу**

6. Алар биринчи класстан бери курбу болуп жүрүшөт.
7. Айша ооруп, төртүнчү класста көрүүсү начарлап кеткен.
8. – Башында мен сабак даярдабай эле, аудио китептерди укчумун.
9. Эми колдун учун кыймылдатып окуганды үйрөнүп калдым.
10. Айша, сени вундеркинд – керемет кыз деп атап койсо да болот.

***3-ТИРКЕМЕ***

**Ырастоолорду ырастагыла.**

| Ырастоолор | Туура\ туура эмес |
|---|---|
| 1. Айша менен Элина жакын курбулар. | |
| 2. Айшанын көрүүсү начар болгондуктан атайын мектеп-интернатта окуйт. | |
| 3. Курбулар бири-бирин көрүшпөй калса сагыншпайт. | |
| 4. Элина Айшанын көрүүсү начар болгондуктан дос болгусу келбейт. | |
| 5. Алар майда шурулардан билерик жасашты. | |
| 6. Китепти манжалардын учу менен да окуса болот. | |
| 7. 1824-жылы Луи Брайль аттуу бала релефтүү китепти ойлоп тапкан. | |

***4-ТИРКЕМЕ***

**“СУРООЛОР РОМАШКАСЫ”**

“**Суроолор ромашкасы”** боюнча 4 типтеги суроолорду түзүүдө болжолдуу ушундай суроолор түзүлүүсү зарыл. *Эскертүү: Негизи 6 типтеги суроолор бар. Бирок бул сабак үчүн 4 тибин гана пландаштырдык.*

5. **Жөнөкөй суроолор.** Жооптору кандайдыр бир фактылар болгон суроолор.

**Мисалы:** Айша кандай мектепте окуйт? Эмне үчүн? Элина менен Айша эмнелердеи жасашты?

6. **Тактоочу суроолор.** «Башкача айтканда, сен мындай деп жатасың ...», «Эгер мен сени туура түшүнсөм, анда» деген сыяктуу фразалар менен башталат.

**Мисалы:** Чындыгында эле, Элина Айшанын көз начар көрсө да жакшы мамиле жасап, бири-бирин сагынышабы?

7. **Интерпретациялык (түшүндүрүүчү) суроолор.** Мындай суроолор көбүнчө «Эмне үчүн?» деген фраза менен башталат.

**Мисалы:** Эмне үчүн Айша кадимкидей эле мектепте Элина менен бирге оку албайт деп ойлойсуңар?

8. **Баалоочу суроолор.** Кандайдыр бир окуяны баалоо чен-өлчөмүн аныктоо үчүн берилет.

**Мисалы:** Бул чыгараманын кайсыл жери сага жакты? Эмне үчүн? Достордун бири-бирине болгон мамилесин кандай баалайсың?

# Колдонулган адабияттар:

1. Модуль 3: “Башталгыч мектепте балдар китептерин колдонуу”. USAIDдин “Окуу Керемет!” долбоору
2. Модуль 5: “Окуганын түшүнүү”. USAIDдин Келгиле, окуйбуз! Долбоору